*Мар Алиев*

# БАЛГАРТ БААТЫР БАЯНЫ



МАР
АЛИЕВ

# БАЛГАРТ БААТЫР БАЯНЫ

ЫРЛАР, БОЛМУШТАР,
ПОЭМА

ФРУНЗЕ
«АДАБИЯТ»
1991

ББК 84 Ки 7—5
А 50

*Өспүрүмдөр үчүн*

**Алиев Мар.**
А 50 Балгарт баатыр баяны: Ырлар, бол
муштар, поэма: Өспүрүмдөр үчүн.—Ф.
Адабият, 1991.—128 б.
JSBN 5-660-00503-9

Автордун жаңы жыйнагына жаштарды э
жерин сүйүүгө үндөгөн ырлары, «Төлөк сы
чы», «Бармактай», «Балгарт баатыр баяны», д
ген болмуштары, «Сулайман жана Сулуумиф
поэмасы кирди.

В книгу включены новые стихи и легенд
автора.

А $\frac{4803300200—34}{М 455 (11)—91}$ 110.91 ББК 84 Ки 7—

JSBN 5-660-00503-9 © «Адабият» басмасы, 1991-ж

# ЫРЛАР

## ЖАЙЛОО КЕЧИ

Жайкы кечти карап турсам жайлоодон:
Агытылат азоо кулун байлоодон.
Айланага бир керемет тартылып,
Анан чыгат акырындап ай тоодон...

Суу шарпылдайт сай ылдыйлап кулаган,
Айдарым жел согуп бетти сылаган.
Аягында калган малын имерип,
Ат бастырып чабан түшөт жылгадан.

Боз үйлөрдөн түтүн булайт созулуп,
Көз жүгүртсөң жылдыз жанат кошулуп.
Мелмиреген жайкы жайлоо кечине,
Менден мурун ыр баш багат озунуп.

Үйгө кирсең коктон түндүк тешилип,
Үн-соз катпай жаткың келет көшүлүп.
Чарбасына чар тарабы төп келген.
Чабан үйү турат бейиш сезилип.

## КИНДИК КАН ТАМГАН ЫЙЫК ЖЕР.

Ойногон, өскөн жерди ырдайм,
Ойлонуп алсам бир жыргайм.
Балалык менен коштошуп,
Бөлүнө албай кол булгайм.

Баары эле көзгө тартылат,
Байкасам сүйүүм артылат.
Учкул ой, менен жарышып,
Убакыт алга чарк урат.

Жыңайлак баскан көк шибер,
Жылгалар ана, көз жибер,
Жүзүмдү чайган булактар.
Жүрөк кан менен теңсиңер!

Көк чыбык минип ойногон,
Көп ойноп, көптү ойлогон,
Киндик кан тамган ыйык жер —
Көргөндө көңүл тойбогон.

## ТОРГОЙ

Чексиз учкан торгойсуң,
Чекит болуп ойнойсуң.
Асман, жерди бүт көрүп,
Аралыгын болжойсуң.

Кол башындай кемесиң,
Кооз ырдап бересиң.
Көптөн мурун ойгонуп,
Көктөн жылдыз тересиң.

Топу кийген торгойсуң,
Тоголонуп болбойсуң.
Аба жарып чулдурап.
Асман-жерди коргойсуң!

## УЛУУЛАР ЖАНА УРПАКТАР.

Урпактар — бул дүйнөгө удаа келген,
Ушулар бизден кийин тарткан кербен.
Уядан эмнени көрсө ошону алат,
Улуулар — учуу үчүн канат берген.

Чырпыкты бакса кантип жетилбесин,
Чыныдай эч бир жери кетилбесин!
Багытты бере турган улуу муундар —
Байкабай кээде ката кетирбесин.

Каалоосун ишке ашырып ак тилектин,
Канатын күүлөнтөлү жаш түлөктүн.
Бапестеп өстүрөлү баарын тескеп,
Балага кереги жок «ак билектин!»

Урпакка — тарбиялуу таалим керек,
Улуулар — алар үчүн чоң бай терек.
Ааламда согуш оту тутанбасын,
Аларга — Күн да керек, Ай да керек.
Урпактар убагында шоктуу курак,
Уулунун баскан изин байкап турат,
Көп берип акыл-кеңеш чырпыгына,
Көрөлү чоң чабышта улам сынап!

## ЭНЕ

Балага эне — торгойсуң,
Баарынан аны коргойсуң.
Эмчек сүтүн актабай,
Эгерим эки болбойсуң.

**Апакем — ачык асманым,**
**Арналат сага жазганым.**
**Балдар деп жүрүп арыган,**
**Баягы учур жаш чагың.**

**Эптеп жанды бакканга,**
**Ээрчитип кеттиң сакмалга,**
**Соолтпой калдың өмүрдү,**
**Согуш жүрүп жатканда.**

**Башкадай болуп басынбай,**
**Баш көтөрүп, жашынбай.**
**Бакканбыз колхоз чарбасын,**
**Бапестеп колдон качырбай.**

**Баарысы али эсимде,**
**Балапан курак кезимде.**
**Дал ошол кезде өткөндөр,**
**Далайды салат сезимге.**

**Ал күндөр дале жадымда,**
**Айланып учкул агымга.**
**Жарык күн менен коштоштуң,**
**Жакшылык көрөөр маалында.**

## КӨЙРӨҢ КҮҮ

**Кең кулачын жайган күү,**
**Кененчилик сайран күү.**
**Оболонткон көңүлдү,**
**Оо, кайран күү, кайран күү!**

**Ал кеткенде шайман күү,**
**Ар убакта майрам күү.**
**Айдакенди эскерткен,**
**Аа, кайран күү, кайран күү!**

Түбөлүк түркүк сайган күү,
Түн-күнү уксаң майрам күү.
Калык акын жактырган,
Кайран күү ай, сайран күү!

## ҮЧ ТАМГАДАН КУРАЛГАН

Ушул үч сөз үч тамгадан куралган,
Бала дебей — баары көңүл бура алган,
Элге экөө табылбаган эң кымбат,
Эне менен танбай жеген таттуу Н А Н.

Силер жокто кызыл жүздөр кубарган,
Силер жокто эч ким чыкпайт кумардан.
Бул турмуштун жыргалы бар көөнөрбөс —
Бейкут — Э Н Е, берекелүү жеген — Н А Н.

Силер экөөң турмуш көркүн чыгарган,
Күндөр тынбай тамшандырып жеген Н А Н.
Биздин бакыт байланышып энеге,
Бирге согот экөө менен жүрөк К А Н.

## МЕДИЦИНА ЖАНА МЕН

Дарыгерсиң, көптөр келет кайрылып,
Ден соолуктан, тынч уйкудан айрылып.
Көрсөт анда «улукмандык» укукту,
Көңүлүн таап, бейтап көөнүн жай кылып.

Ак халатты кийип ачып эшикти,
Ант бергенбиз актайбыз деп кесипти.
Алкоо деген түшүп жатат көптөгөн,
Ачып окуп карап көрсөң газетти.

Биз бир кезде бул эшикти аттадык,
Бирин билип, көбүн далай жактадык.
Айылдаштын кээси качып биз калдык,
Айла кетип, ата-энеге кат салып.

Ичти ийлеп куса кылып баштагым,
Институтту келип менин таштагым.
Бизге эмне, барсаңчы дейт үйүңө,
Бийик болуп бийлеп алып жаш чагым.

Мен ошентип ойлуу жүрдүм далайга,
Жек көрүнүп эжей менен агайга.
Жетилдим го, окуп кеттим токтолуп,
Techniques
Мединститут жазган окшойт маңдайга.
Мен медикмин — ушул кесип өстүрдү.

Мезгил менен калем киндик кестирди.
Дары катар айткан сөзүм эм болуп,
Дартка ар качан кор кылбаса эч кимди.
Ушул кесип жарык кылып маанайды,
Урмат менен тартуу кылды таалайды.
Эмгек кылып, медик деген атты актап,
Элибизге узун өмүр каалайлы!

Ден соолукта сакчы болуу наркыбыз,
Демдүү иштесе озо бермек баркыбыз!
Талбай иштеп саламаттык сактайлы,
Так ошону күтөт биздин калкыбыз.

## АЛЫП КАЛ

«Ден соолук бар, байлык бар»,
Деп айтышат касиеттүү карылар.
Аккан суудай өмүр өтөт турбайбы,
Анын дагы ирими бар, шары бар.

Күндөрдүн да ачыгы бар, жааны бар,
Күткөн мезгил көркү менен таанымал.
Өмүр деген өтөт экен сабалап,
Өз энчиңди бул турмуштан алып ал!

Асыл өмүр аргымактай алтын жал,
Арый элек кезегиңде камчы сал!
Көңүл коюп колдон келсе иштей бер!
Көл да чалкыйт көпкө тамган тамчыдан.

Акыл барда ардактуу элден алкыш ал!
Карууң барда качыргының, топту жар!
Мартабаңды эмгек көккө эргитет,
Маңдай терден чоң жакшылык алып кал!

## БУЗУЛБАГАН ЧЕП ЭКЕН

Алыкулдун айткан ыры эп экен,
«Апа деген, кемибеген кең Мекен»,
Чырпыктарын чынар кылып өстүргөн,
Чынында эле бузулбаган чеп экен
Уул-кызы урмат, алкыш айтышкан,
«Умай эне» урпактары көп экен.
Адам деген асыл перзент төрөгөн,
Аялзаттын туш тарабы төп экен.

## ӨМҮР КЫСКА

Бир кезде ак жоолукчан келген келин,
Бирдиктүү үй-бүлөдөн тапкан теңин
Эми өзүң эне болдуң тоодой-таштай,
Экватору — балдарымдын жана менин.

Өмүр таттуу — кан денеңде турганда,
Өз башыңдан өзгөгө акыл курганда.
Жашоо балын жарык менен бир татып,
Жарык жүздүү ойноп күлгөн жыргал да.

Өтүп кетсе кайра баштан табылбай,
Өмүр кыска колдо камчы сабындай.
Жүз көрүшүп, жүрөк менен сүйүшүп,
Жүргөн жакшы урунушуп-таарынбай.

## КЕТИРЕ АЛБАЙ

Суз карап басып кетсең, ыза болом,
Сумсайып бир көрбөсөм, куса болом.
Сулуу деп айтып калса, жетине албайм,
Суктанган айрым жандар — коңшу-колоң.
Сыртыңдан сынай берем, жетине албай,
Сыланып сөз айтпаймын, өтүнө албай,
Жол карап ар күн сайын, жолукпадым,
Жооштук бир адатты кетире албай.

## АҢГИ СУУ

Кылымдап нукту бузбаган,
Кылаалап түшкөн мөңгү суу,
Кый-сыпырын чыгарган,
Кыялдап түшкөн аңги суу.

Кыр-жарга түрткөн бирөөнү,
Кыянатчыл азгын-куу.
Жүрөктөн кетпес так салып,
Басынбай ага — бас каршы,
Баш көтөрүп, белди буу!

## БУЛАКТЫН СУУСУ ТУПТУНУК

Булганбай турган түбөлүк,
Булактын суусу туптунук.
Атып чыгып түпкүрдөн,
Ага берет умтулуп.

Кир жугузбай жакшы адам,
Кылдат жүрөт кулпуруп,
Акыры жетет максатка,
Аярлап алга умтулуп.

## ЭЛ МИЛДЕТИ

Жалжал карап жылмайыңкы,
Жарым калды жанымдан.
Ойноп жүрөк коштошоордо,
От дүргүдү канымдан.
Тогуз айлык калды Аманат
Тосуп чыгаар алдымдан.

Алыстады ак чокулар,
Ай-жылдыздар жашынган,
Биз балапан бүркүттөргө,
Бийик зоолор ашырган.
Эл милдети моюнумда
Эрдик кыл деп тапшырган.

## ЫР КАЙДА?

Ыр кайда?
Сүйгөндөрдүн жүрөгүндө
Эргиткен —
Махабаттын түнөгүндө.

Ыр кайда?
Ырахаттын маанайында.
Ырыскы —
Эмгек менен таалайында.

Ыр кайда?
Эмүрүңдүн үлүшүндө.

Балкыткан —
Балабыздын күлүшүндө.

Ыр кайда?
Издегенде жаныбызда.
Жүргүзгөн
Жүрөктөгү каныбызда.

Ыр кайда?
Аккан сууда.
Ыргалган
Кызыл тууда.

## СОГУШ ДЕГЕН СООЛСУН!

Согуш кези, мингенибиз моло таш,
Солгун болуп оң-чап кези тамак-аш.
Жыртык кийим жылыта албай чекени,
Жыргагансып ат үстүндө жылаңбаш.
Кызыл суоуп сапырган бүт карылар,
Темин минген бардык балдар мендей жаш.
Күн чыккандан күүгүм кире бастырмай,
Кубат кетип андан дагы курсак ач.
Ырас кээде көңүл ачып алабыз
Ырларыбыз: «Бер команда...», «Жибек чач»,
Карыялар кубат алат шаттансак,
Камчы берип буттап коет аттансак,
Таң чок салса ойготушат эң эрте,
Тук этишет куш уйкулуу баары сак.
Бак-бак этип, баштан өткөн ишти айтып,
Баарысынан бир карыбыз мактанчаак.
Даарат, намаз демиш болуп жайын таап,
Дагы бири дартым бар деп актанчаак,
Ошол кезде балдар мыкты иштепбиз
Оңбойлу биз азыр куру мактансак!

Өксүк болуп турмуш жааты ал кезде,
Өсүп калдык азыркыдан жазганчаак.
Эми деле келип кетет муңайгым,
Эске түшсө эсти оодарган бала чак.
Унутпа деп колун булгайт ошол жак,
Ата-агалар алып келип жеңишти.
Ачылды бейм анан кийин биздин бак.
Эми эгерим согуш деген соолсун!
Элим бейпил, тынчтык деген тилеги ак!

## ЭСКЕРДИМ

«Бөйрөк Сазга» көп келип,
Баарыбыз оюн курчу элек.
Баш менен сууга чөмүлүп,
«Бака чабак» урчу элек.

Калпакты алып ыргытып,
«Кара казан» тепчү элек.
Жолукса кыздар капыстан,
Шоктонуп тийип өтчү элек.

Кой, ай деген жок болсо,
Короону тинтип кирчү элек.
Тогуз-он бала жармашып,
Торпок кармап минчү элек.

Кара тил болуп тойгончо,
Бээмчек, текей терчү элек.
Календик менен Кожодон,
Кармалсак таяк жечү элек.

Ач менен токко карабай,
Ар кандай жумуш жасадык.
Өлкө, элге мүшкүл келгенде,
Өп-чап болуп жашадык.

Кол тие калса окуудан,
Колхозго кылдык кол кабыш.
Баарыбыз баскан из калган,
«Байтели», «Шамен» — чоң алыш.

Караанды көзгө илинбейт,
Калкайган кайран «Чалдыбар».
Карасак эгин талаасы
Билинбейт кайда калдыңар?

«Көк талаа» эми көйкөлүп,
Көрпөсүн жайып төгүлөт.
Көк уюн минген чепейип,
Көзүмө Калый көрүнөт.

Эки жак бүтүн өзгөргөн,
Эми жок бири карасак.
Элесиң калган, өзүң жок,
Эскердим сени бала чак.

## ЖЫРГАЛ ДА

Жетилип жайлоо турганда,
Жел аргы бетти урганда.
Жеңелер менен үн кайрып,
Желеге жетсең жыргал да.

Чаңкайып асман турганда,
Чаңкасаң кымыз сунганда.
Чар тарап болуп шайма-шай,
Чабыкта жүрсөң жыргал да.

Кыз-жигит толуп турганда,
Кызыгып эмгек кылганда.
Кыркасы менен мелдешип,
Кыркында жүрсөң жыргал да.

Күз маалы жетип турганда,
Күн-түнү болуп кырманда.
Кыз-келин менен иштешип,
Кызылды үйсөң жыргал да.

Көп төлдөй койлор турганда,
Көңүлүң жакшы тыңганда.
Сак саламат жадырап,
Сакмалда жүрсөң жыргал да.

Жыйналыш-зоок курганда,
Жыйылып баары турганда.
Жыйынтык чыгып байге алып,
Жылмайып бассаң жыргал да.

Ташталып артка жылдар да,
Таанышып сүйгөн курбалга.
Токтомго токтоп эки жаш,
Той-топур берсең жыргал да.

## АЛГАЧКЫ АДЫМ

Кыйын болот алгачкы адым,
Кыйналсаң да качпагын.
Атта, арышта,
Түш жарышка.
Көтөр «турмуш чачпагын»!
Ой-акылды оңго саптайт,
«Ооз ачып өөп» — жазганың.

Оңой эмес бут шилтеген,
Ооруймун деп ойлобо.
Атың адам;
Ташта кадам,
Камын кирпич койгонго.
Ошол тоодой эмгек кылсаң,
Ошол баштайт чоң жолго.

«Иштин башы ишемби!» — дейт,
Ишен чыксаң чоң жолго,
Тапсаң жаңы,
Күчөт аны,
Кабар жетсин оң-солго
Бакыт табат эр эмгектен,
Бардык ишти ал колго.

Эң алгачкы адым деген,
Эркти каалайт тереңдеген.
Төккүн терди, жазгын черди,
Эч нерсе жок белендеген.
Бас алдыга арыш кергин,
Баатыр чыгат баарын жеңген.

Адымыңа адам турсун кубанып,
Али булчуңдар чыңалып.
Максатка жет,
Арымдуу өт,
Ар бир иштен сыналып.
Бой-денеңди чыйрак өстүр,
Болот өңдүү — ысык-суукка сугары

## КҮНДҮН ГҮЛҮ

Күн чыккандан кечке чейин,
Нуруң ээрчийт миңден-бири.
Нары назик аппак пейил,
Анын аты — «күндүн гүлү».

Сары гүлү күнгө окшоп,
Сары кирпик көктү карап.
Ортосунан дан өстүрөт,
Ойдо умтулуп өзүн тарап.

«Күн карама» деп коебуз,
«Күндүн гүлүн» биз асемдеп.
Ал жактырат ачык күндү,
Айдайлы аны абдан көп.

## САРЫ-ЧЕЛЕК

Көл чүрөгү Сары-Челек,
Көрүүгө сени баручу элек.
Жетиптир далай озунган,
Жээгине толуп бал челек.

Көркүңдөн кубат алчу элек,
Көп конуп жатып калчу элек.
Күтүрөп өссүн аймагың,
Күзгүсү тоонун Сары-Челек.

## САРЫ-БУЛАК СЕНИ САМАДЫМ

Балалык кезде кой жайып,
Басылган изи тамандын.
Сакалдуу кезде саргайып,
Сары-Булак сени самадым.

Сонунга батчы айланам,
Соң-Көлдүн искеп шамалын,
Ал кезди ойлоп кайрадан,
Айланып улам карадым.

Баягы кездей көрүнөт,
«Байсаба» жактан карадым,
Санаасы санга бөлүнөт,
Сары сепкил баскан баланын.

Жанындан өтсөм кол булгап,
Чакырат ашуу-белесиң.
Жакыным сымал көз ымдап,
Жадымда турат элесиң.

## ЖООКЕРДИ ЭСКЕРҮҮ

Алаамат чак ажал сайран курганда,
Ат кошкуруп ок ышкырып турганда.
Ата-Журтка жоо өткөрбөй чеп болуп,
Алтын башты чалгансың сен курманга.
Жеңиш алып жексен кылып фашистти,
Жетти элим жер үстүндө жыргалга.

Барган сайын батыш улам карарып,
Бардык жерде өрт өчүрүп кан агып.
Барик байлап, гүлдөп турган кыштактар
Баскынчыга калып жатты таланып.
Чоло койбой өлүм тооруп өмүрдү,
Чоктор учуп, октор учуп жаланып.

Кат окусаң, жарың жазат «сагындым»,
Кайрат берип жайын сурайт алыңдын
Анан сага Ала Тоо, эл элестейт,
Арасында күйүп жаткан жалындын.
Кан жуткурлар каптайт десе Мекенди,
Кантип келет каракчыга багынгың?!

Жашыл кийип, кайра аны кар басып
Жайлар өттү кышка кайра алмашып,
Акырында жоонун мизин кайтарды,
Азаматтар ажал менен арбашып,
Биздикилер от койгондо Берлинге
Бир сокур ок жанды алыптыр жармашып.

Эрдикти эч ким кое албастыр жашырып,
Эстеликте ысмың турат жазылып.
Сүрөтүң бар мектебиңе илинген,
Сүрдүү карап, автоматты асынып.
Уулун эли таазим кылып эскерет,
Улуу эрдиктер калбайт жерде басылып.

## ЫЙЫК СҮТ

Он ай бою көтөрүп,
Омурткам сыздайт дебеген.
Ак сүтүн берип алпечтеп,
Ай күнгө сени теңеген —
Ардактуу барбы энеден?!

Кашында турса наристе,
Кан жүгүргөн жүзүнө.
Күткөнсүп мейман периште,
Күч кошулган күчүнө —
Ким татыйт эне ишине?!

Ак уулду төрөп алпечтеп,
Аткарган сүйөт атына.
Кымбатым дейт бапестеп,
Кызыл-кызыл татына —
Ким жетет эне баркына?!

Бүкүлүн жеп нанынын,
Бүтүнүн берет балага.
Жартысын арнап канынын,
Жанын чапкан садага! —
Эне сүт — ыйык ааламга!

## ЖЕҢЕЛЕР

Кымбаттуу сүйкүм жеңелер,
Кыз кезде кандай элеңер?
Агайдын жары, үй куту —
Ак көңүл сонун энелер.

Жаркылдап турган жеңелер,
Жаш кезде шайыр элеңер.
Тамаша айтып картайбас,
Татына кайран эмелер.

Урматтуу улук жеңелер,
Уулуңдан убай көрө көр.
Силерде айыл атагы —
Сүрөттөө таппайм тең келээр!

Кызматы күчтүү көгөрөөр,
Кыздардан убай көрө көр,
Элечек баштан түшпөсүн
Эркеси үйдүн жеңелер.

## СУЛУУЛУК

Булутка калкый урунуп,
Булт этип кайра суурулуп.
Асманда дайым калкыган,
Айда экен абдан сулуулук.

Таң атса жатпай буулугуп,
Тараткан нурдуу жылуулук.
Куҗүрмөн эмгек жарчысы,
Күндө экен мүлдө сулуулук.

Ар тилде чыгып кубулуп,
Ааламга абдан угулуп.
Тынымсыз өмүр жарчысы,
Тынчтыкта дайым сулуулук.

Ак дилден чыгып жылуулук,
Адамзат кылат улуулук.
Доорду көрккө бөлөгөн,
Достукта биздин сулуулук.

Кол өсүп бийик сунулуп,
Космоско көңүл бурулуп.
Ынтымак, эмгек айкашкан,
Ырларда биздин сулуулук.

## АТАЛАРДЫ ЭСКЕРИП

Койсок дагы көрүстөнгө эстелик,
Жүрө берчү көрө албаска теңелбей,
Турат экен дилиң менен дилиңде,
Элесиңер эстеп жүргөн биз көрүп.

Баратсак да баскан жолду улантып,
Балдар менен калгандарды кубантып.
Жанаша экен жаман менен жакшылык,
Жарыша чаап экөөнү тең чубатып...

## ӨМҮР КАРЫЯ

Уктаар эле ат үстүндө баратып,
Уйку менен укмуштарды жаратып.
Үргүлөчү үч топ жылдыз батканча,
Үргүлөөчү кетсе дагы таң атып.

Турмушунда айткан сөзгө так эле,
Туура жүрүп, бардыгына ак эле.
Тиктешкенге тим турчу эле унчукпай,
Тике турчу, намыс десе сак эле.

Жүрө берчү көрө албаска теңелбей,
Жүрөгүндө карасы жок кенедей.
Жанып койчу муруттарын мулуюп,
Жашы жүзгө барып калган эмедей.

Андай токтоо чанда чыгаар кишиден,
Ар бир сөздү бышыруучу ичинен.

Чолуп сүйлөп, айтуучу эмес акарат,
Чокко түшүп, чочуса да түшүнөн.

Айылында бар эле анын салмагы,
Аша мактап сөздүн эмне жалганы.
Артелде иштеп, анан келип колхозго,
Анын ордун басып калды балдары.

Тың киши эле Тыныбектин өмүрү,
Тыкан жүрүп ачык болчу көңүлү.
Кең Соң-Көлдө майрам күнү жолуктум,
Кенен айтсам кептин болбойт төгүнү.

Малчылардын майрамы экен жайлоодо,
Күтүрөгөн күлүк туйлайт байлоодо.
Саанчыны, сакмалчыны куттуктап,
Сарай жактан эфир үнү сайроодо.

Баарын айтып башкарма сөз жиберди,
«Багбандарым, чабандарым куттуктайм!»
силерди.
Берди аябай белек-бечкек тартуусун,
Белгиледи, баса сүйлөп күч берди.

Андан кийин чоң тамаша башталды,
Алыш-күрөш, анан улак ташталды.
— Кана балдар тартынбастан чыккын,— деп,
Карыялар сүрөп жатты жаштарды.

Бир кезекте турсак карап көңүлдү,
Байкадык биз күрөң атчан Өмүрдү.
Эки уулун жанжагына ээрчитип,
Эргип турган алдында атын теминип.

Жеткен жерден илип алып улакты,
Жаныбарың койкүрөңдү чуратты.

Басып коюп үзөңгү боо алдына,
Башкаларга түк алдырбай дуулатты.

Үч жолу удаа ата-балдар барышты,
Үзөңгүлөр бир-бирине кагышты.
Алмак-салмак улак эңип алышып,
Тамашаны так ошолор салышты.

Көпчүлүк эл дуу-дуу этип көңүлдүү,
Кол чабышып куттукташты Өмүрдү.
Кошпой айтсам намыс сөздү ошондо,
Кожомкулдай эл көзүнө көрүндү.

Андан бери жылдар калды арадан,
Ажал чиркин жеткен эле ага да.
Муундары анын жолун кайталап,
Мурастары калды андан — балага.

## НАЗАР ХУБИЕВГЕ

*(Эр ортону — 50 жашына)*

Бир ичкенбиз Ала Тоонун булагын,
Билесиң го жашыл шибер туланын,
Эки энеге тели болгон тайдайым,
Эр ортону эргип турган убагың.
Эгизимдин түгөйүндөй тууганым,
Эльбрус жакта азыр жашоо турагың,
Аман болуп узак өмүр сүргүн деп,
Ала Тоодон ысык салам сунамын.
Жүрсө дагы көптөн бери оюмда,
Бара албадым элүү жылдык тоюңа,
Жолугабыз аман болсок бир күнү,
Же Домбайда, же Ысык-Көл боюнда.

## БАЛАЛЫК

(*Курбум Исабекке*)

Жарым кылым өттү мына саналып,
Жака өңдөнүп, кара чачтар агарып.
Багелегин түрүп алып суу жаят,
«Байтелиде» калган биздин балалык.

Мезгил жетсе чач турмакпы карарып,
Мейли дейли ырдан кубат алалык.
Үйүрү менен жылкы айдап желеге,
«Үкөк» жактан баш баккансыйт балалык.

Андан бери канча өтсө да аралык,
Алга кеттик эчен эмгек жаралып.
Терип алып ырдан букет сунгансыйт,
«Теңдик» жакта калган биздин балалык.

Кыял минип айыл жакка баралык,
Бирге отуруп өткөндү эске салалык.
Кызыктырып көзгө элестейт бул күндө,
Биз мектепте бирге окуган балалык.

## ЭЛЕЧЕК МЕНЕН КИЙМЕЧЕК

**Ж и г и т:** Жаман болоор эринсек,
Жакын келчи келинчек,
Бап келиптир өзүңө,
Башыңдагы элечек.

**К е л и н:** Жалпаңдабай жөн турчу,
Жашабаган ий чечек,

**Бая келишет өзүмө,**
**Башымдагы киймечек**[1].

**Жигит: Жагалданган жеңем ай,**
**Жалындадым демиңе,**
**Элечекти билчү элем,**
**Киймечегиң эмине?**

**Келин: Сүлүк курттай соймоңдоп,**
**Сүйлөйсүң ээ, сен чечек,**
**Силерде бар элечек,**
**Бизде болсо, киймечек.**

## БАЛДЫЗЫМ АЙ, БАЛДЫЗЫМ

**Бойлуу балдыз балбал көз,**
**Бойго жетип турган кез.**
**Боюн салбай каш кагат,**
**Боз уландар айтса сөз.**

**Колоң чачтуу сулуу кез,**
**Кой көз тартты өтө тез.**
**Конок экен кыз деген,**
**Кор болбосун айткан сөз.**

**Атаң айтат «Сары кызым»,**
**Апаң айтат «жан кызым».**
**Барган жерден бак айтсын,**
**Барктуу өскөн балдызым!**

## МЕНДЕН КҮДӨР ҮЗБӨЧҮ

**Өзүңдө бар чын сүйүүдөн керемет,**
**Өрүк гүлү түшүп турат себелеп.**
**Кезегинде аяп турам даай албай,**
**Кетемби деп кокус аны тебелеп.**

---

[1] Киймечек — элечек *(казакча)*

**Суктанат го сага колу жете элек,**
**Суйкаласың колдон бөбөк жетелеп.**
**Садагасы менден күдөр үзбөчү,**
**Сага арнаган сүйүүм али кете элек.**

**Бир сүйүүнү аткаралы экөөлөп,**
**Бала ээрчитип, багып аны жетелеп.**
**Ынтымактын ичке жибин эшели,**
**Ысык сүйүүм дале тарап кете элек.**

**Өлмөйүнчө өчпөс даркан кумарым,**
**Өмүрүмдүн эң кымбаты ынагым.**
**Өскөн чырпык чоң чынарга айланып,**
**Өөрчүй берет сени менен дымагым.**

## ИЧИМДЕ КИР ЖОК КЕНЕДЕЙ

**Кадыр түн тоскон эмедей,**
**Караймын күтөм кенебей,**
**Ак көйнөк кийип жарк этчи,**
**Айтылуу аппак кемедей.**

**Ичимде кир жок кенедей,**
**Издеймин жанга теңебей.**
**Теңдешим келип сыр берчи,**
**Тептегиз болсун телегей.**

**Сен жактың мага ченебей,**
**Сезсеңчи аны тергебей.**
**Жүздөшчү күткөн бул күнү,**
**Жүрөктү куру ээлебей.**

**Жаз келген өңдүү жаркырап,**
**Жан дилим сага тартылат.**
**Алыстап кетсең көрүнбөй,**
**Ансайын сүйүүм артылат.**

## ОБОН САЛ

Күлүктү минген күн калаар,
Күйөөлөп барган түн калаар,
Жарыңа айткан сыр калаар,
Жайнаган гүлдүү кыр калаар,
Жүзүңдөн жанган нур калаар,
Жүрөктөн жаштык уурдалар,
Беш ата жолун улантып,
Бешиктен бала үн салаар.
Жүрөгүң таза, дениң сак,
Жүрөгүндө ойноп обон сал!
Жадырап азыр ырдап ал!

## ТҮШҮН СЕЛКИ

Жолукканда мокок сүйлөп аз карап,
Жосундарың баштагыдан башкарак.
Жүрөгүмдү чокко салбай дайыма,
Жүрчү селки аяр карап астарак.

Андан көрө алышчы кол шат карап,
Алыстасын кусалыктар бат тарап.
Түшүн селки сен жөнүндө ыр жазсам,
Түшпөйтко деймин колдо болгон ак барак.

## КАРТАЙБАСА ЭЭ...

Эки өзөндөн бир кошулган суудайым,
Эне болгон балдарыма жубайым.
Эсен жүрүп эл ичинде аралаш,
Эч көрбөчү, бул турмушта убайым?!

Катуу ызгаарда калканч болуп турайын,
Каалап сүйүп өмүр гүлүн сунайын.

Кайрап жашоо кара жерге өткөнчө,
Картайбаса сенин сулуу чырайың?!

Ысыгына, суугуна чыдайын,
Ырыскым чоң сен бар кезде туудайым.
Сапаттарың, сары алтындай сакталып,
Сак-саламат жүрсөң болду ылайым!

## АК ЖЫЛДЫЗ

Жылт этип учат ок жылдыз,
Жарк этип тиет чок жылдыз.
Чогулган жылдыз ичинде —
Чок жылдыз эмес ал бир кыз.

Асманда жайнайт сан жылдыз,
Айбыга карайт ак жылдыз.
Ай-күнгө теңдеш арбаган,
Ак жылдыз эмес ал бир кыз.

Көрүнүп кээде күпкүндүз,
Көкөлөйт нуру тийген түз.
Жетиген, Үркөр теңдешпей,
Жер уулу кантмек өзүңсүз.

Айлуу түн болот тилектеш,
Ашыгың менмин жүрөктөш,
Айланып кончу биз жакка,
Ак жылдыз сенсиз күн өтпөс.

Ай көрүп бассам түшүмөн,
Ак жылдыз сен деп түшүнөм,
Азыр сен тургун алоолоп,
Аз күндө колго түшүрөм.

## АТА ЭЛЕСИ

Атты минсе алчактата бастырган,
Карыса да чырымталы жаш турган.
Ошол адам жазса жарпты — капамды,
Ошондо мен көргөнсүймүн атамды.

Сакалы аппак салабаттуу келбети,
Санжыралуу, оозунда сөз бермети.
Андай адам орун алса төрүмдөн,
Атамды мен сыйлап жаткан өңдөнөм.

Нур чачырап карыса да көзүнөн,
Нуска чыкса айтып жаткан сөзүнөн.
Ак сакалдуу сүйлөп турган кезинде,
Ата элеси түшө калат эсиме.

Ким сүйүнбөйт төрдө отурса карыбыз,
Колдон келсе сыйлайбыз ээ баарыбыз.
Эсен болуп ар бир үйдүн элеси,
Эсте жүрсүн аталардын элеси!

## САРЫ-ЖАЗ

Салтанат менен бул күндө,
Сайрандап жашайт кары-жаш,
Сагынтат көптү көркөмүң,
Сан байлык жаткан Сары-Жаз.

Сапарын тартат сан жакка,
Сан келгин менен карлыгач.
Сакаят барса кеселдүү,
Сары каймак өрөөн Сары-Жаз.

Кыргызда сендей жерлер көп,
Кылымдар өтсө карыбас.

Түмөнүң өссүн күн санап,
Түркүгү көктүн Сары-Жаз.

Буулугуп жаткан сен жакка,
Буудандар жетти арыбас.
Береке, байлык тартуулап,
Бере бер элге Сары-Жаз.

## ЖАЙЛОО ЖАК ТҮШӨТ ЭСИМЕ

Көшүлткөн жайкы аптапта,
Көлөкө болбой кара бак.
Көзүмдөн учса жайлоо жак
Сагынтаар жанды дегдетип,
Саамалды бышкан иңир чак.

Түшүмө кирер уктасам,
Түндүктөн түтүн айланган,
Тирелип аппак боз үйлөр,
Тик конуш кулун байланган.
Күүлөрдү чертер кулакка,
Күрпүлдөп суулар сайлардан.
Таңдары көзгө тартылар,
«Таналар» жылкы кайырган.
Арчанын жыты аралаш,
Ак түтүн чыккан айылдан.
«Ак Булак» саан бадасы,
Апай бет жакта жайылган.
Жайлоо жак турар чакырып,
Жайында шаарда күн ысып.
Эргиген кубат аларбыз,
Эс алып келсек «ак кызыл».
Жакада жүрсөң эңсетип,
Жайлоо жак бизге эң кызык.

## КУСА БОЛУУ

Көксөттүрдүң, көз алдымдан кетпедиң,
Кааласам да мен өзүңө жетпедим.
Айлуу түндө, арасында оюндун,
Ак чөлмөктү ойногонду эстедим.

Жашыл шибер, шар дайранын боюнда
Жалаң жаштар келээр элек оюнга
Алек болгон ак сүйүүнүн кумары
Али күнчө кетпей жүрөт оюмда.

Жылкы айдаган жылгаларды самадым,
Жылда эңсеп, куса болуп барамын,
Канга сиңген өнүп-өскөн турагым,
Кайда жүрсөм карегимде караанын!

## АППАК ЖҮЗҮҢ АНАР БОЛУП АЛБЫРАТ

Жашчылык келбейт миң ирет,
Жалынсаң келбейт бир ирет.
Кыйгачтай баскан кыз-келин,
Кынбы келсе бүгүлөт.

Желеде туйлаак кулундай,
Толгонгон комуз кылындай.
Толуп бир турган жаштыкты,
Чыгарба колдон урунбай.

* * *

Күнү бүтүп саргайса да жалбырак,
Күтөт нени өзү түшпөй салбырап,
Азыр деле жолугушсаң капыстан,
Аппак жүзүң анар болуп албырат.

## ЫНАГЫМА

**Тереңинде сен жүрөктүн жүрөсүң,**
**Терс айланба, андай эмес мүнөзүң.**
**Түк кайгырба ар нерседен шекшинип,**
**Түбөлүккө мен сендикмин билесиң.**

**Алыс болсом кыялымда бир өзүң,**
**Ар түнүндө түшкө уурданып киресиң.**
**Бат таарынып кайра күлүп жазылган,**
**Бала кыял түгөнгүр ай мүнөзүң.**

**Оорусам да үйдө сенсиң ынагым,**
**Ооба айыгам бир азыраак чыдагын,**
**Так өзүңө терең сүйүүм тартылуу,**
**Такыр шашпа, тар кыяда сынагын.**

**Тартуулады тагдыр нике кайыпты,**
**Так ошондон жүрөк дарты айыкты.**
**Бир бөлүшсөк бизде болгон сүйүүнү,**
**Биз эч качан болбостурбус айыптуу.**

## САП АРТЫНАН САПТАР

**Алкаган айлуу түн өпкөн,**
**Адырын, кырын күн өпкөн.**
**Аймагы шаңга бөлөнгөн,**
**Ала Тоом — өлкөм гүл өскөн.**

*** * ***

**Жүрөккө мүрөк сунгандар,**
**Жүзүндө кубанч тургандар.**
**Арбысын эмгек жеңишиң,**
**Ак халат кийген туугандар.**

* * *

Кызылы кырдай үйүлүп,
Кыз-жигит иштейт түрүнүп.
Мол болду быйыл түшүм деп,
Моторист жүрөт сүйүнүп.

* * *

Акыл — алтын, ой — күмүш,
Аны билген Айкүмүш,
Бүгүндү эртең кылсаңар,
Бүтмөк эле кай жумуш?

* * *

Ойногон айдың көлдө ак чабагым,
Ойлонуп көңүл көксөп ат чабамын.
Көзүмдөн учуп турат сулуу элесиң,
Көп болду өзүң жакка каттабадым.

* * *

Алыстап эңсеп ырдайм айтамагым,
Ашыгып жетүүнү эңсеп көп самадым.
Жалынын жүрөгүмдүн кошо бүркүп,
Жай таппай келе көр деп кат саламын.

* * *

Эргип кетип эркелеттим сымбаттуум,
Эп табылып бирге отуруп ырдаттың.
Эл ичинен тандап тапкан өзүңсүң,
Эми мени унутпай жүр кымбаттуум!

* * *

**Жийделүү бактын ичинде,**
**Жигит кызды имерди,**
**Жийде жыты, кыз жыты,**
**Жибитиң бойду жиберди.**

* * *

**Тал чыбыктай селкилер,**
**Тамшанып ырдаар чагыңар,**
**Канатты күүлө асманга,**
**Карылуу жаштык барында.**

* * *

**Кереметтүү келип-кеткен парасат —**
**Кенен жашоо ар бир жанга жарашат.**
**Жашоо деген эки келбейт эмеспи,**
**Жакшы абайлап алды-артты карасак!**

* * *

**Туура жашоо ар адамга жарашат,**
**Турмуш колдон өмүрүңдү талашат.**
**Жанаша экен жаманчылык, жакшылык,**
**Жакшы жүргөн ак иштерге жанашат.**

* * *

**Калетсиз, чынында эле санаа күлүк,**
**Ким эле өтпөсөм дейт ойноп-күлүп.**
**Баарысын жеңет тура тирүүчүлүк,**
**Турмуштун жалыны бар, жаманы бар,**
**Тунук өт колдон келсе, эмгек кылып.**
**Жаңабай бир жандыктай, араң жылып.**

* * *

Чарайнага чалынып
Чаар ичеги төрөлгөн —
Чалакайым кээ бирөө
Чала калат өнөрдөн.
Күлү додо топтолуп,
Күнү болбойт көгөргөн.

## ДЕЙТ ЭКЕН

(Апыртма-чыны аралаш)

Бир арстанды бир коен,
Басып алып жейт экен.
Арстан болсо сабизди,
Казып алып жейт экен.
Аларды көргөн айбанат:
— Ушундай болмок,— дейт экен.

Чычкан болсо мышыкты,
Чыркыратып жейт экен,
Сөөгүнөн сөпөт калтырбай,
Быркыратып жейт экен.
Карап турган жандыктар:
— Келме кезек,— дейт экен.

Түлкүнү кайран таш бака,
Алдап туруп жейт экен.
Куулук кылып качканда,
Кармап жетип жейт экен.
Таң калып карап тургандар:
— Таш бака укмуш,— дейт экен.

Күйпүл күчүк жолборсту,
Каап туруп жейт экен,
Кайда жүрсө качырбай,

Таап туруп жейт экен.
Жоругун көргөн тигини —
— Жолдо калды,— дейт экен.

Карышкыр алып сагызган,
Катырып туруп жейт экен,
Кош төкөрүн боoруна,
Матырып туруп жейт экен.
Аны көргөн ар кими:
— Алгыр чыкты,— дейт экен.

Алы жетсе бир-бирин,
Аябай туруп жейт экен.
Адалбы же арамбы,
Карабай туруп жейт экен.
Апыртып жазган авторду,
— Алдамчы го,— дейт экен.

## БӨБӨК КӨРДҮМ

Бөбөк көрдүм,
Бейкапар ойногон.
Кыял минип,
Көп нерсени ойлогон.

Бөбөк көрдүм,
Кызыктарды жараткан.
Көңүл отун жандырып,
Көргөн жанды караткан.

Аны көрдүм,
Адамдарды сыйлаган.
Салам айтып, алик алып,
Сени, мени кыйбаган.

Бөбөк көрдүм,
Көтөрүлдү көңүлүм,
Көп жаша деп,
Тилейм анын өмүрүн!

## АКЫЙКАТТЫК ЖЕҢДИ ДЕЙМ

Жеңиш күнгө кубанычтуу жеткен бар,
Салым кошуп бирок өтүп кеткен бар.
Жетээр алкыш таба албаймын силерге—
Жерге-элге таалай берген аталар,
Алааматты айдаш үчүн Мекенден,
Арт жагынан жете барган агалар!
Андан бери жылдар катар өтсө да,
Али бүтпөйт тагы калган жаралар.
Тике туруп менин улуу Мекеним —
Тынчтык аты бүт дүйнөгө таралаар.
Жетине албай Жеңиш Күнүн белгилейм,
Жергебизде кетпей бакыт келди дейм!
Айланайын — Ата-Журтту бел туткан,
Апаат согуш албаса деп кайгы жейм.
Колдон түшпөс тутка кылган тууларды—
Коммунисттик партиябыз берди дейм!
Аалам үчүн тутка болуп СССР,
Адилеттик, Акыйкаттык жеңди дейм!
Аалам үчүн тутка болуп СССР,
Адилеттик, Акыйкаттык жеңди дейм!

## ИЛЬИЧ ЖАНА ЖЕРГЕМ

Бабалар конуш алган жер,
Балалык кезим калган жер.
Көңүлдү көккө эргиткен,
Көзүмдү сенден жарган жер.

**Коктуңа козу жайган жер**
**Кол тийгиз кооз кайран жер.**
**Жетектеп Ильич атабыз,**
**Желбирек тууну сайган жер.**

**Ажайып сулуу ашуу төр,**
**Ардагын көр, сыйын көр.**
**Ар элге кылган дос, тууган,**
**Ардактуу Ильич кеменгер.**

**Ильичтин шамы жанган жер,**
**Илимди эли алган жер,—**
**Так өзүңө энчилүү**
**Таман акы, маңдай тер.**

## САКЧЫ КЕМЕ

**Өзгөрүп мезгилдердин атса таңы,**
**Өлкөмдө өсүштөр көп улам жаңы.**
**Мына эми Ысык-Көлдө сүзүп жүрөт,**
**Мейманы — «Гидрометеролог» флагманы.**

**Алты айлык кыйын жолду басып өттү,**
**Азовдон жол арытып бизге жетти.**
**Ырахмат кеме жасап жибергендер,**
**Ысык-Көл эмгегине ийип кетти!**

**Ал кеме Ысык-Көлдү сүйүп өттү,**
**Айланып адегенде шапар тепти.**
**Ыпылас нерселерден бүт арылып,**
**Ысык-Көл гүлдөй турган мезгил жетти.**

**Айланып ак чардактар учуп-конуп,**
**Ар жерде кеме калкыйт сакчы болуп.**
**Айдыңы Ысык-Көлдүн даба тура,**
**Ал жерден айыгып кетет, келген ооруп.**

# БАРА ЖАТАТ ЖАҢЫРЫП

Күздүн күнү күү жаңырып,
Күкүк сымал сайрады,
Гүлдөр аңкып,
Күлгүн жаштык жайнады.
Күлмүндөшүп шаар калкы,

Шаңга толду аймагы.
Көңүл отун көкөлөткөн
Бул жаштыктын,
Бул шаттыктын майрамы!

Элге толуп борборумдун аянты,
Эмгекчинин көтөрүңкү көңүлү.
Урмат менен майрамдарды өткөрүп.
Ушул шаарга байланышкан өмүрү,
Максат менен ишке ашкан, алга баскан.
Маңдай тери төгүлүү.

Келечекке кеңири үмүт алдырып,
Кеңип барат кулачтары артылып.
Кереметтүү кең меймандос шаарыма,
Келип жатат достор көөнү тартылып,
Тынчтык күндүн кучагына өсүүдө,
Тарыхтарга жакшы иштерди калтырып.

Кызыл байрак кыркалата тагылып,
Күз түшүмү келип жатат агылып.
Жарык нурун чачып турган борборго,

Жаш-карыбыз эңсеп келет сагынып.
Болочокко боор тартып борборум,
Улам дайым, ал аңсайын,
Бара жатат жаңырып

## АЛЕКМИН

Эми эле артта калып өмүр жазым,
Эми мен аттап кирдим анын күзүн.
Өзүмө баягыдай көңүл назым,
Жарыма ак жүрөмүн, жарык жүзүм.

Али да жигит бойдон элүү жашым,
Алдыда тосуп турат албан эмгек.
Аманда ак чач баскан алтын башым,
Алекмин ишим менен чеке тердеп.

## МЕКЕНСИЗ БАКЫТ КОНОБУ

Мекенсиз мээрим толобу,
Мээнетсиз бакыт конобу.
Бүгүнкү күндөй ынтымак,
Бүт дүйнө элдин жомогу.

Мекенден ыйык болобу,
Мекенин саткан оңобу.
Мезгилдер менен жарышкан,
Мекеним тынчтык омогу.

Атыр жыт дайым аңкыган,
Ар убак көркөм чалкыган.
Ак пейил анан мейман дос,
Ырыскы кетпейт калкымдан.

## ЖАРАТЫЛЫШ ЭЛЕСИ

Аймактан жыпар буркурап,
Атырдай сонун жыт урат,
Ажайып кооз ар түрдүү,

Алдында толгон гүл турат —
Ажайып баары ачылса,
Алуута ар ким умтулат.

Аргендей үндү жараткан,
Ааламга азем тараткан.
Өзгөчө суктуу караткан —
Өзгөчө суктуу караткан —
Жаратылыш эмеспи,
Жайнатып берген элести!

## ДОН ЖАНА ДООР

Бараттык кеме менен Донду бойлоп,
Баягы чыгармалар — авторду ойлоп.
Жүргөн жер — Григорийлер анда бойдок,
Козголгон делебелер үлүшүн таап,
Койнунда Аксиньядай келин ойноп.

Григорий — кер мурутту жигит кези,
Аксинья — толмоч кези кара сойлок.
Дон көргөн махабаттын күлгүн кезин,
Дон уккан Аксиньянын оттуу сөзүн.

Картайып кайран жаштык артта калса,
Өчпөгөн эки адамда терең сезим.
Шотадай шок сүйүүнү сөзгө салып,
Шолохов бир четинен жазган өзүн.
Мээримин, бүт өмүрүн арнап кетсе,
Мезгилим — Мекен кантип төгүндөсүн!?

Чебердин өскөн жерин карап, анан,
Ичимден ийе карап бердим салам.
Бүгүлбөй бүт өмүрүн китеп кылган,
Авторго алкыш айтат мүлдө аалам.

Донундай добулу жок жайпап аккан,
Добушту ага берген эгем — таалам.
Эң бийик эркиндиктин бир дулдулун.
Эми мен калем кармап эске алам.

Ажалга капкан салаар арга барбы,
Авторду берген тагдыр кайра алды.
Жазмыштан жарыктык көз жумганында,
Жазылган том-том китеп калкта калды.

Соколов соол таап бул турмуштан,
Нагулов кайра туулуп, көзүн жарды.
Чебер жан чечен тилдүү автор өскөн,
Тынч Донуң — мокок эмес сөзгө жарды.

Мелт-калт Дон калыбында ага берип,
Мен дагы көптү издедим ага келип.
Чолпонбай чокко дене тоскон дайра,
Чоюла агып жатат арым керип.

Дарыя сымалданган далай келин,
Күткөндүр жигиттерин сезими эргип.
Жээгинде отургандыр бир кезекте,
Жердеген улуу киши мээси сергип.

Жээгинде чоң дайранын көңүлү эргип
Жай гана агып жаткан тынч Донунан,
Жаштыгын кайра баштан жазып көрүп.
Эс алып далай ирет Донун тиктеп,
Эргиген, жаза берген улам китеп.

Таң калган чыгармага оюн гана эмес,
Тарыхтын барактарын кошо бүктөп.
Аркага доор элесин бүтүн жүктөп.
Аламат согуштардан калган тактын.

Ар бирин чебер гана бөлүп — жиктеп.
Кан дайра Дону өндүү кен байлыгын,
Кебелбей жазып кетти бекем тиркеп.
Артынан кошо өскөн көп талантты,
Баратат ал ээрчитип алып — чиркеп.

## СОҢ-КӨЛДҮН СОНУНДАРЫ

Бастырсаң жээгин бойлото,
Башыңдан сылайт жел аргы.
Сонуркаткан көз кайкып,
Соң-Көлүм сендей көл барбы
Элкин жайлоо, эт, кымыз
Эңсебей турган эл барбы.

Чебер уздун колунда,
Оймоктойсуң Соң-Көлүм.
Ойду тартып толкунуң,
Ойноктойсуң Соң-Көлүм.
Бойго жетип сыланган,
Бойдоктойсуң Соң-Көлүм.

Күтүрөгөн төрт түлүк,
Күлүктөр баштап ушунда.
Жылдызга серпти көбүгүн,
Жыргалдуу заман тушунда.
Бугуп жатат сан байлык,
Булуң менен бурчунда.

Күзгү болуп асманга,
Күтпөйсүң туман, булутту.
Кылымдар келген чабышып,

Кыйноону Соң-Көл унутту.
Эркиндик алган кезеги,
Эмгекчи эл, ээлеп туруктуу.

Бирине бири зор болуп,
Бир кезде Соң-Көл ыйлаган.
Жүлүндөй суулар кошулуп,
Жүрөгү ыйдан туйлаган.
Колунда эми баарысы,
Коргоочу келип сыйлаган.

Тил кирсе эгер көлүмө,
Тарыхын айтмак эчендин.
Сурларын жазмак сүрөттөп,
Сулуулар менен чечендин.
Катыгын бермек колуна,
Калпалар менен эшендин.

Ахбалын айтмак бир кезде,
Аял менен баланын,
Чаңын тартмак сүрөттөп,
Чабышка түшкөн талаанын.
Көзүн ачмак булактай,
Көкүрөктө жаранын.

Калк менен калкты санааттап,
Каза бермек кеткенин.
Аккула минип Манастын,
Айдың көл жээктеп өткөнүн.
Мурдараак өлүп озунган,
Мураска кээси жеткенин...

Кубултуп айтмак укканга
Кууларды куштун алганын.
Мүнөздөп бермек жалпыга,
Мүнүшкор кушун салганын.

Акмөөрдөй ажем кыздары,
Арманда өтүп калганын.

Ырастамак ыр менен,
Ырыстуу таңдын атканын.
Ыйык болуп ал бүгүн,
Ырахат алып жатканын.
Төшү түктүү жериңе,
Төрт түлүк тегиз батканын.

Өкүмдөр өңдүү сүйлөмөк
Өркүнү өскөн күндөрүн,
Өлкөсү сүйүп жатканын,
Өскөнгө өскөн гүлдөрүн.
Ою менен кырында,
Ордендүү малчы жүргөнүн.

Архивин ачмак көрсөтүп,
Ардактуу Соң-Көл карыя.
Жамы журттун баарына,
Жарыя айтмак, жарыя.
Кылымды төтөп кылымга,
Китеп жазмак дарыя.

Толтосо анын баарысын,
Томдор чыкмак чубалып.
Тосоттоп окуп турмакпыс,
Тобубуз менен кубанып,
Сайранын жазмак бул доордун,
Салты сансыз уланып.

## СҮЛҮЯ АНА

Ал кишинин көп болду,
О дүнүйөгө кеткени,
Кеп болот бирок али да,
Kериле чапкан кетмени.

Аял заттын алпы эле,
Жүзүндө жок сулуулук.
Бирок турчу байкалып,
Адам деген улуулук.

Эмгек десе эринбей,
Элден мурун кирчү эле.
Жүрөктө кандай сырлар бар,
Жүзүнөн карап билчү эле.

Согуш чыгып ал кезде,
Ээндеп «Бөйрөк-Саз» калды.
Эр бүлөө кетип согушка,
Эркектерден аз калды.

Калкка келген мүшкүлдү,
Катын-калач түшүндү,
Баргын калбай сен бүгүн,
Бүтүр дешти ишиңди.

Жоруңду сүйлөп ал анда,
Жоктотпойм,— деди кеткенди,
Көп мүшкүлдү эстебей,
Көтөрөм мобу кетменди.

Сулуя апа айтканын,
Баарысы угуп жанданды.
«Канат-бутак» бел кылды,
Карылар менен балдарды.

Жардам дешти фронтко,
Жабыла ишке киришти.
Жалкоолук иштин мындайда,
Жаман жагын билишти.

Аял заттан бөтөнчө,
Сулуя апа бөлүндү,

Эки-үч норма аткарып,
Эл көзүнө көрүндү.

Эрте жазда, кеч күздө,
Эркектей байлап кулакты,
Эки көз, кош кол эмгекте,
Эч өткөрбөйт убакты.

Иңирде кайтса үйүнө,
Иш кыйын деп санабайт,
Жыланаяк суу кечип,
Жыландай суукка карабайт.

Таттуу уйкуну унутуп,
Таң атпай жөнөйт ишине,
Бир жолу дагы айттырбайт,
«Бригадир» деген кишиге.

Майрамдар болуп калганда,
Ал апа топту жаруучу.
Эң биринчи сыйлыкты,
Эмгектен кеп салуучу.

Айылдаштар кол чапчу,
Анын ысмын укканда.
Көрбөгөндөр таң калчу,
Эркектей аял чыкканда.

Ошол кезде уктук биз,
«Аял күрөш» дегенди,
Чуулдашчу көп адам,
«Чыгар,— деп Сулуя жеңемди!»

Ошондо чыкчу аял алп,
Эркектей болуп кийинип,
«Бири эмес, миңи чыксын!» —деп,
Биз тураар элек сүйүнүп.

Ортодо сыңар тизелеп,
Отурчу сыры катылып,
Чынын айтсак бирөө да,
Чыкчы эмес ага батынып.

Тамаша-оюн башкарган,
— Табылбайт,— деп айтычуу,
Басып барып аял-апп,
Байгесин алып кайтуучу.

Кубанып кайтчу апабыз,
Куштар болуп алганга,
Сыйлыгын бөлүп берүүчү,
Жесир, жетим балдарга.

Көз жаш алса айрымы,
— Тыйгын,— дечү ыйыңы!
Турганда мобу жетимчең,
Турмуштун калаар кыйыны.

Алаамат согуш токтоду,
Айтканы келип апанын.
Каары кете баштады,
Кайгы менен капанын.

Көзү өттү апанын,
Койдук ага эстелик,
Эсиме түштү эмгеги,
Эргидим бүгүн эскерип.

Аралык өттү закымдап,
Азыркы күндөй кайда анда,
Жетине албай ыр жаздым,
Жетимиш жылдык майрамда.

## ЖЕҢИШ ДАЙЫМ ОЛКӨМДӨ

Ошол кезде,
Окко, отко
Жол баштаган Шорс бар,
Чапаевчил —
Чабуул койгон орустар.
Кошо кирген туугандарды коргошуп,
Көп улуттун арасында, конуштан —
Кыргыз жоокер,
Бир колунда комуз бар.
Бир бириңди колдогун деп эмгекчи —
Бийик чыккан добуш бар.
Ал учурда
Алоолонгон учкундар.
Анын баарын —
Алга баштап кызылдар.
Биреөлөрү — манифестти маанектеп,
Айрымында — Лениндин тому бар.
«Бириккиле Бүткүл дүйнө калкы»,— деп,
Пролетардын тамга салган колу бар.
Таң атырган эң биринчи делинип,
Так ошондо эрик заман доору бар.
Коммунизм,
Коммунисттер,
Комсомол,
Коом үчүн,
Бардык күчүн таптады.
Колдорунда желбиреген Кызыл Туу,
Кошулган күч жердин жүзүн каптады.
Капиталды,
Кайтпас кылып таптады.
Актанабыз,
Ак эмгектен жеткенге,
АКШ,

Батыш —
Алардан биз алга өткөнгө.
Жашоодобуз бардык жактан жаңырып,
Жаңылыктар ар тармактан табылып.
Жеңиш — дайым өлкөмдө,
Жергем дайым — Көктөмдө.
Ачык аба,
Аккан сууга,
Жарык күнгө
Жол ачып
Жашоону биз каалоодобуз жанашып.
Булгайм дешет кээ бирөөлөр,
Булганч бүркүп, булут айдап,
Будуң-чаңды самашып.
Бирок, биздин адилеттүү өлкөнү,
Бүткүл аалам тынчтык күтөт карашып,
(Бейпилдикти колдон жула талашып).
Хиросима, Нагасактай кокустан,
Атом бомба түшпөсө деп адашып.
Окумуштуу ойлуу отурат,
Ошону өзү чыгарып.
Бараткан да —
Октун күчү чыңалып.
Космосту да ээлесем деп кээлери,
Корстон болот доллар санап кубарып,
Канча кылым — катуу мүшкүл алып келди,
Кага бөлөп кара жерди сугарып?!
Отко түшкөн —
Оту менен ойногон,
Окко учкан,
Огу менен ойногон.
Обу жоктон Ай ааламга өрт салган
Ошолорду эске алалы ойлонгон.
Бейпил уктап,
Беймаал таңга ойгонгон.
Түшүнсөк —

Бардык калктар кошунабыз,
Түпкүсү —
Бир Аталардан кошулабыз.
Түбөлүк —
Соолбогон Союз жакшы дүйнөгө
Эмнеге согуш атын озунабыз?!
Чочулап курал-жарак камдай берсек,
Чокко, тозокко да тосулабыз.
Өлкөмдүн —
Өрнөктүү иши өсө бермек,
Көркөмүн —
Көргөн-билген сезе бермек!
Тынчтыктын тынбай согуп добулбасы,
Кез келди согуш аты өчө бермек.
Ааламдан Согуш деген ат жоголсун,
Анткени, ысык-суук алмак-термек!

## АК КАЛПАК ЭЛДИН БОРБОРУ

Мактаймын сулуу шаарымды,
Максаты оозго алымдуу.
Өзгөчө сүйгөн борборум,
Өсүшүң дайым арымдуу.

Жаадырайт сенде келечек,
Жыргалыңа жетпей чек.
Баш ийкейт сага Ала-Тоом,
Байланып кардан элечек.

Билимге балкыйм өзүңдөн,
Бир кетпей шаарым сезимден.
Байытты, ойду, кыялды,
Балапан сымал кезимден.

Жашың, карың жылдыздуу,
Жашарттың кайра кыргызды.
Өкмөтүм менен партия
Өчпөгөн шамды тургузду.

Акылдын, ойдун чордону
Ай, күнүм сага орноду.
Ар улутту дос кылган,
Ак калпак элдин борбору.

# БОЛУМУШТАР

## БАЛГАРТ БААТЫР БАЯНЫ

### БЕТ АЧААР

Укканга көңүл бөлөйүн,
Уламыш айтып берейин.
Ишиме көңүл бөлөйүн,
Имиштен айтып берейин.
Ишенбесе болобу,
Илгерки элдин жомогу,
Айтты-айтпаса болобу,
Абалкы элдин жомогу.
Баса айтпаса болобу,
Байыркы элдин жомогу.
Калган-каткан ойлорду
Каада менен таштайын.
Балгарт баатыр жөнүндө
Баянды эми баштайын
Жоо куп келе жаткансып,
Жосунсуз өтө баштайын.
Жармы жалган, жармы чын,
Жанында турган киши жок.
Апыртма имиш аралаш,

**Айтылган сөз — аткан ок.**
**Көбү жалган, көбү чын,**
**Көрүп турган киши жок.**
**Байыркы кезде болгон дейт,**
**Баарын билсек көңүл ток.**
**Ийгилик алсын деп,**
**Ичим жалын, сыртым чок.**

## БАЛ АЧТЫРУУ

Кыргыздар талоончулук, бирин-бири басы лук турмуштан жүрөгү үшүп, тоо-таш таяны кылымдардын бир мезгили экен. Улам түзө түйшүк тарттырып, айылды чаап, жылкы тий турган чак. Кыргыздардын бир аз уруусу Ка Кара-Саз, Жер-Көчкү, Солтон-Сары өңдүү б жайлоо жайлап, кыштоолорун кыштап деге рукташа баштаган. Нарындын башы Тарагай гы кыргыздар, таяке-жээн, куда-сөөк күтүш Көл тараптагы кыргыздар менен катнаш бол мыр-тааныш кези.

Кез-кезде гана калмактар жылкы тийип, мал адашып кирип келгени болбосо, бир аз лик болуп калган имиш. Мына ушул улам учурдан алынган уланды-тарам:

**Ошондо, Ополбек деген болгон дейт,**
**Обочо элден конгон дейт,**
**Отуздан ооп кеткенче**
**Перзент көрбөй койгон дейт.**
**Отуруп-туруп аллы**
**Озондоп күндө кайгы жейт.**

**Эртели-кеч, чай иче**
**Эчкирип ыйлайт байбиче,**
**Тагдыр ай, бала көрбөдүм**
**Табылбай такыр эрмегим**
**Үшкүрүп үйдө олтуруп**
**Үбөлүк, камыр көргөнүм.**

Ушул жашка келгенче
Үрдүн уулун тандадым.
Урунуп да, берилип,
Урук-тукум албадым.
Ойнотсом бала чоңойтуп,
Ошондо, болбойт эле арманым.

Бал ачтырып бир күнү,
Бай кемпирге барыптыр.
Бардык сырын жашырбай,
Башынан эске салыптыр.
Ошондо сырдуу байбиче,
Омоктуу кептен салыптыр.
Жаш кезинден сезгенип,
Жатынын чүрүп калыптыр.
Билип айткан кебинен,
Бир аз кубат алыптыр.

Эгер мага ынасаң,
«Мазар тоого» барып кел.
Жылуу сууга көп түшүп,
Жыпар мончок тагып кел
Байыш менен бир жүрүп,
Барып тукум алып кел.

Көп сейилдеп көп уктап,
Көңүл бурба санаага.
Зырылдай берсе сайсөөгүң,
Зыяны тийээр балага
Бей-бечара жолукса,
Бере бергин садага.

Баглан козу сойдуруп,
Аптап ичкин сорпосун.
Жылуу кандуурак жегиниң,
Жүрөгү менен толтосун.

Толо элексиң отузга
Төрөттөн эмне коркосуң.

деп балчы байбиче Ополдун аялын «Жылуу
деп балчы байбиче Ополдун аялын «Жылуу
айыл-апаны чогултуп, ак батасын алышып Ара
карай аттанышат. Ошондо Ополбек элинен бата
жаткандагы арманы:

Таразалуу турмушта,
Табылат экен мал-жаның.
Аны жыйып не кылам,
Болбосо баккан балдарым.
Жалгандан перзент көрбөсөм,
Ичимде кетээр арманым.

Көрөмбү, жокпу андай деп,
Көз жашын тыйбайт алганым.
Кучнашым кээде кармаса,
Кудайды дагы каргадым.
Акжолтой болуп келээрбиз,
Оңунан чыкса барганым.
Алакан жайып койгула,
Ак бата болсун алганым.
Азирет, шерлер колдосо,
Көрөөрбүз берген жардамын!

Эл менен коштошуп, байбичесин ээрчитип жөнөп шет. Жолдогу айылга бир конуп, «Жылуу-с Арашанга жетишет.

Жыпар мончок тагынып,
«Жылуу сууга» малынып.
Жел менен ойноп саамайы,
Эрин эңсейт сагынып
Көксөп калды ышкынды
Көзүнөн оту чагылып.

Талгакка аял кабылды,
Тап байкелеп жалынды.

Ышкысы түшүп ышкынга
Ыймандуу эрге багынды
Тарагай менен Тал жактан
Төө жүк ышкын алынды.

Эми алла бере турган окшоду,
«Этек кири» токтоду.
Тилегим ушул болчу деп
Эртесинде эр Батман,
Эки атты токуп коштоду.
Коштошоордо жеңенин,
Кубаныч менен кошкону:

Кор болбо кайним ылайым,
Кош болгун эми жылайын.
Уулдуу болуп калаарбыз
Ушуну топук кылайын.
Аллатаала буюрса,
Ак тилек менен тынайын
Таза кал «Алтын арашан
Тартпасын эл-жер убайым.
Көз жарсам кабар угаарсың,
Көңүлгө алып тураарсың.
Ак элечек жардуу бол,
Аз күндө турмуш курарсың.
Ак перзент кийин чоңойсо,
Алдынан тосуп чыгаарсың.
Абалы кандай анын деп,
Ар кимден деле сураарсың —

талгагы кармап турганда тоонун ышкынын үйгө үруп алып келип турган кайниси — Батмага ыраа-ıгын айтат. Ополбек да жетине албай, кийин уул-болуп калсам, бир тууган иниң катары кызмат ıп берет. Жашың улуу болсо да жаның курбу п жүрсүн деп:

Төрөлсө эгер эр тана
Ини кылып беремин.
Атадан жалгыз экенсиң,
Ал деле болоор жөлөгүң.
Кементайым кийип кал,
Болсун берген белегим.
Эсен-аман жетилсе,
Ээрчитип өзүм келээрмин.
Алкышын алып аман кал,
Агаң менен жеңеңдин.

Ополбек менен зайбынын зарлаган тилектери колуна тийип, он ай көтөрүп, омурткасы сыздап жүрүп, көз жарат. Толгоосу башталганы байкалганда Ополбек үйүнө олтура албай, ырым кылып, төө кайтарып кетип калат. Аялы көз жарганда айылда Жууку деген жарды адам бар экен, Ополбекке уулдуу болдуң деп, сүйүнчүлөп барып, атан төө баштаган айгыр үйүрлүү жылкы, бир короо кой алып, ошондон тартып байып жатып калган дейт.

## ТОЙ

Картаң бээнин кулуну
Балакарт атайм уулумду
Кагылайын көпчүлүк
Жаман көрбө мунумду.
Көкүрөк күчүк дейинчи,
Көз катып көргөн тукумду.

Ошентип аял ой кылды,
Он эки күнү той кылды.
Ат жеткен жерге чаптырып,
Чакыртып келди ой-кырды.
Кайыптан бүткөн бала деп.
Калкы билбейт ал сырды.

Ак боз бээлер союлду
Аш каада менен коюлду.
Ат чаптырып тоюна,
Аябай курду оюнду.
Арбын болуп устукан
Ач-арыктар тоюнду.

Ак чөлмөк менен дүмпүлдөк,
Ай батканча түрсүлдөп.
Кыз оюн кызуу башталып,
Кыз-жигиттер сүлкүлдөп,
Карт жеңелер каңкуулап,
Кайнисин жөөлөйт бүлкүлдөп.

Сармерден үйдө ырдалып,
Сай жакта жаштар «уурданып».
Бой көтөрөт селкилер,
Бозой менен ыргалып.
Кымыз ичип ыксырап,
Карылар жатат ыргалып.

Бир үйдөн «Манас» жаңырып,
Баары ал жакка камынып.
Түрүлүп турат туурдуктар,
Туш кийиздер алынып.
Эшикте жүрөт кул-күңдөр
Этеги майга малынып.

Кээ бирөө үйдөн жаңылып,
Керки-чотко чалынып.
Аялын таппай бир шордуу,
Ар кимден сурайт жалынып,
Тамтаңдайт кайра тарпылдап,
Тамашага жабылып.

Азоолор аса байланып,
Ач иттер жытка айланып.
Жардынын айрым балдары,

Жатып алган жайланып.
Тамаша чыгат бир үйдөн,
Эркеси бирөө шайланып.

Бул той болгон күзүндө,
Кара-Саздын түзүндө.
Балгартты көрсөң өзгөчө,
Бармактай мең бар жүзүндө.
Балкайып алп денелүү,
Балдарды жыгып үчүндө.

Тентек чыкты жашынан,
Терең ойчул башынан.
Күмүштөй ак бир тагы,
Көрүнүп турчу чачынан
Көз тиет деп балага,
Энеси,
Чыгарчу эмес кашынан.

Балкайып турчу булчуңдан,
Баланын күчү ташыган.
Кулун менен музоону,
Көтөрүп көндү жашынан.
Кармап койду таш короо,
«Кароолдун» кара ташынан.

Эртең менен кечинде,
Же чак түштө, бешимде,
Муздак суута киринүү,
Мунун дайым эсинде.
Далайларга туш болду,
Дал он сегиз кезинде.

## СҮЙҮҮ КУРАГЫ

Керчабак деген аты бар,
Кеби-сыны келишкен.
Жоргосунан түк жазбай,

Өйдө-ылдыйбы, өрүштөн,
— Ээ, жаныбар экен! — деп,
Эчендер келип көрүшкөн.

Жашарбек менен Базарбек
Жан жолдоштук жагы бар
Эликчи деген тайганын
Ээрчитип алчу жайы бар.
Баатыр болчу жигиттин,
Бардык жактан багы бар.

Ошол айылда Жангазы деген адамдын Айсалкын деген жалгыз кызы болот. Чиркин анын сулуулугун: «Ай десе аркы, күн десе көркү бар эле. Күндөрдүн биринде Солтон-Сары жактан жолдоштору менен кийик уулап келе жатышып, кеч болуп Жангазынын айлына кез келишет. Жангазы ошол айылдын аксакалы, колунда бардар, сөзмөр киши экен. Балгарт менен жолдошторун аттан алышып, үйүнө киийрип, бата тилеп, бир тайды көтөрүп чабат. Анан шашпай отуруп, чайлашып, жөн-жай сурашып болгон соң, үй-бүлөсү менен тааныштырат. Баятан бери бурчта үн-сөз жок сайма сайып отурган кызын: жалгызым — уулум да ушул, кызым да ушул — аты Айсалкын деп тааныштырат:

Өстүрдүм эрке жашынан,
Өрдүрбөй чачын тегиздеп.
Бирөөнүн уулун да бактым,
Бул экөөңөр эгиз деп.
Туурдан аны чыгардым,
Тушар тап деп, эл издеп.
Эркекче өстү Айсалкын,
Эр жигит менен жарышып,
Жаа тартты да, ордо атты,
Жигиттер менен салышып.
Ордун тапты эми алар,
Очор-бачар алышып.

Бойго жетип калган соң бийкечтин жайын айтып, экиүч жылдан бери кызча киийндирдик. «Эне көргөн тон

ıчат» дегендей, бурчта каадасы менен калып алып туруп калды. Анда өз жайыңан кеп сал деди Балэтка:

**Сырт келбетиң байкасам,**
**Сырттандык түрүң сезилет.**
**Жигердүү сендей адамдар,**
**Жигиттен чанда кезигет.**
**Анча-мынча мактоого**
**Акылсыз жигит эсирет.**

**Артылар дагы ардагың,**
**Акылдуу болсо алганың.**
**Бактылуу жүр ылайым,**
**Баарың тең менин балдарым.**
**Кордугу өттү Камандын**
**Кантейин айтып калганын.**

рсө, калмактын Каракаман деген дөөтайы кызын, ке келсе берсин, бербесе кордукту менден көрсүн, камалып турган кези экен)

**Каманга мен бербеймин,**
**Кордукту андан көрбөймүн,**
**Калкым кыргыз турганда,**
**Канаттын көккө сермейин.**
**Ооса да жашым сексенге,**
**Он сегизде эрдеймин,—**

сөзүн бүтүрдү.

**Ошондо Балгарт шанданып**
**Оозунда сөзү жанданып.**
**Максаттуу кептен таштады,**
**Мандайынан шам жагып.**
**Калмактын жаңкы чырына,**
**Кайышкан өңдүү арданып.**

**Каманга — ага көнбөйбүз**
**Карындашты бербейбиз.**
**Калмагыңды бүт жыйып,**

Кармашаар жерге кел дейбиз.
Бир кишидей турабыз,
Бирдиктүү болсок өлбөйбүз.

Бирин-бири кубаттап,
Кеп айтышты урматтап.
— Конок жайын кылалы,
Болгун кемпир, бол бат-бат.
Айсалкын чыкты эшикке
Алда кайдан сыр сактап.

Желбегей тарта созулуп,
Жеңеси чыкты кошулуп
Сыр билги шайыр жеңеси,
Сөз баштады озунуп.
— Кандай жигит, аттиң ай,
Калсаң ээ, кызыке кошулуп!

— Кыдырды билген жеңем ай,
Кантип жооп берем ай.
Каманга мени кор кылып,
Кайда жүргөн элең ай?
Уялам жеңе айтуудан,
Ушундай болот белем ай.

Мен күткөм муну зарыгып,
Келбейт деп жүргөм таарынып.
Кызыгышат деп уккам,
Кыз балдардын баары угуп,
Кетели жеңе, уялам,
Кетчүдөй жүрөк жарылып.

Желпинбе, кыз куруп кал,
Жеңеңдин сөзүн угуп кал.
Кыз каадасы эмеспи,
Керек болсо, келээр ал.
Өзүм аны бүтүрөм,
Өргө жакка баскын бар.

Жашарбек байкап акырын,
Жеңенин укту акылын.
Колунан алды, шап эле
Койгонсуп айтып жакынын.
Өзүн таап селкинин,
Өткөрмөк түнүн «Бакырың».

— «Абайла жигит, абайла,
Айтылып жүрбө далайга.
Кимдин колун кармайсың,
Киргенсип ак сарайга
Бирди көрүп жүрбөгүн,
Билинип калса агайга.

— Ак чөпбашта кечирчи,
Ашыккан өртү өчүрчү —
Балгартка жакты кызыңыз,
Биз жакка конуш көчүрчү.
Ашык кылды мени да
Аккудай экен өзүчү!

— Кандай жан элең ойногон,
Карыптын ишин ойлогон.
Кармаба, тартчы, колуңду,
Каржиликтей сойлогон.
Өргөгө жибер досуңду,
Өзүңдү анан ойлоном.
Жылкыга кетет байым да,
Таң ата келсең ойгоном.

Ошентип айтып кылактап,
Жанынан кетти ыраактап.
Желе-жорто жөнөдү,
Жеңеге айтып ыракмат.
Айылдын аркы четине,
Ак көйнөк кетти булактап.

Өрөпкүп жигит жөнөдү,
Өйдөдөн тийип ай жарык.
Өзүнө эшик ачылды,
Өргөнү жүрсө айланып.
Опколжуйт жүрөк жаштарда.
Отура албай жайланып.

Кыялдантты ашыгын,
Кыз ысмы жүрөк ойнотуп.
Балгарттын көөнүн шердентти,
Баруyга ага ойлонтуп.
Босогосун аттады,
Бой жеткенди ойготуп.

— Адепсиздик, апей! — деп,
Айсалкын турду ордунан.
— Айыбым бар сулуу,— деп,
Алды Балгарт колунан.
Эркин бийлөө бийкечтин,
Эр жигиттин жолунан.

Олоңдой чачы чубалып,
Ойдогу сырды чыгарып.
Оолжуган жаш сулуу,
Кучакка кирет кыналып.
Жанаша түшөт денелер,
Жаштыктын деми чыңалып.

Өзүнүн койсо оюна.
Өрттөнүп бара жаткандай.
Жигиттин ысык демине,
Жибип турду ак маңдай.
Ай, сулуунун көркүн айт,
Агарып таң аткандай.

Бардык сырлар чечилди,
Балкышып экөө жатканда.
Баштады сөзүн жаш селки,

Балык боор таң атканда.
— Тарас бойлуу тең курбум,
Табылдың таңдай катканда.

Ашыкпа жаным, чыдай тур,
Алдыда мезгил алдыда,
Бакытка бирге барарбыз,
Балалык азыр калды да.
Абийрди бекем сактайлы,
Аячы кемпир-чалды да!

Берилип калдым өзүңө
Белегим сайган берейин.
Жылыттың жүрөк, жүзүмдү
Жыргалың болсо көрөйүн.
Жаным ай сенин сүйүүңдү,
Жаштыгым менен төлөйүн.

Кана эмесе кош болгун
Кайра үйгө жөнөйүн.
Кор кылбайм сени бирөөгө
Каргыш берем, өлөйүн.
Татына сулуу сен үчүн,
Тагдырга таза көнөйүн! —

деп Балгарт, балкый түшүп коштошуп, ант-убада айтышып, жан адамга билгизбей, жаткан жайына кирип кетет. Түн ченде ойгонсо, жолдоштору эчак туруп түштөнүүгө Балгартты чакыртып, жеңесин жиберишкен.

— Балакетиңди алайын,
Бар экен сенин таалайың.
Кыз экөөңдүн ортоңдо,
Керегиңерге жарайын.
Чак түштө келдим садага,
Чакырып жатат агайың.
Бойго жетти кыз дагы,

Бош болсоң конуш табайын.
Күнүгө көрүп туруучу,
Күчкүйөө оңдүү карайын.

— Айланайын жеңечем,
Анткениңиз эмне экен
Күйүткө салып энемди,
Күчкүйөө болчу мен бекен?
Качырып алам кызыңды,
Каландардан кем бекем?
Басмырлабай сүйлөңүз,
Байкоо керек кемде-кем.
— Оо, садагаң кетейин,
Ошентип айтып нетейин.
Тамаша кылдым кечиргин,
Кой, кечиктим жетейин
Аманат бердим сактап ал,
Алдыңдан бир өтөйүн,—

деп, жеңеси чыгып кетет.

## КЕК

Бул кабардын каңшаары Кашкар, Турпан тарапты жердеген Каракаманга да жетет. Калкын чогултуп, кандай кылсак дешип, кызды акыры алабыз деген кеп-кеңешке келишет.

— Бийликти бизден талашып,
Билишпейт алар Каманды.
Бардык бурун бириккен,
Байкап көрөм чаманды.
Мал кайтарып жайы-кыш
Малай кылдым баланды.
Алдырып ийип ал кызды,
Айылдан кемпир аламбы?

Толук кылып элиңди,
Томсортом токой-талааңды
Теңирсиген буруттар,
Теңине албайт адамды.
Айрычат аттан тезирээк,
Айтып бар дубай-саламды
Айсалкынды берсин де,
Чанып мени көнбөсө,
Чатактап кызын бербесе,
Чабышаар жерге келсин де.
Тоосун бөлөм таш кылып,
Тогун кармайм ач кылып.
Баарын өзүм кыйратам,
Баягы арамдан туулган бурутту,
Балгартын келсе баш кылып,—

дегенге айыл аксакалы Угултун:

— Каманым сөзгө келели,
Катуу акыл кармап көрөлү.
Жалгыз кыздын айынан,
Жамы журтуң өлөбү?
Мелтиреп ага көнбөсөң,
Мейли канды төгөлү.
Азыраак акыл токтотуп,
Атыңдын башын имерчи,
Аялдап көрүп алды-артты
Анан соң,
Айрычатты жиберчи.
Ажатты жалгыз ачабы,
Арабызда бир элчи?
Элементти салбайлы,
Эл-журтту кырып албайлы?
Алааматты салбайлы,
Айылды кырып албайлы?
Адегенде ал ишке,
Адамдан жуучу барбайбы,

Калыңына карадан,
Калдайтып айдап албайбы.
Эгедер сенден ал кайгы,
Элде болсо жан кайгы,
Жамы журтка кеңешпей,
Жарып алба маңдайды.
Айткандан Каман кайтпады,
Ким көрүптүр андайды?

Айтканынан кайтпай, билгенин бербей, эч сөз-кепке келбей, колуна кат карматып, Айрычатты Айсалкындын атасына жөнөтөт, да:

«— Алик салам айтамын,
Айсалкынды берсең кайтамын,
Бербесең жообун табамын.
Бел кылган журтуң чабамын,
Жоругу дартты кызыңды
Жоонуку өңдүү аламын.
Учуру менен жооп бер,
Ушул менин саламым.
Кат жазып сага жиберген,
Кадимки Каракаманың».

Катты алып, кабаарып, кабагын салып, Айрычат эки-үч күн жатып, жообун ал эл-журт менен акылдашалы деп Жангазы элчини тил эмиздирет. Обочороок өзүнчө боз үй тиктирип, ар кандай тамаша менен алаксыта тургула деп жигиттерге тапшырат. Андан соң, айыл аксакалдарын чакырат, акылдашат. Анда кызы Айсалкын да жеңеси менен чакырылат. Айрычатты:

— Кагылайын, калайык,
Кандай кылсам ылайык.
Бербейм деп жалгыз баламды,
Береги журтумду кырып аламбы?
Кесирленген кем Калмак,
Кетиреби абалды?

деп аларга кайрылат. Ошондо аксакалдар кыздын өз оозунан да бир аз пикир угалы дешет.

**— Кымбатым кыргыз эл турса,
Кыйналып кайда барамын.
Арада түшсөм зордукка,
Амалды өзүм табамын.
Камалап келсе калмактар,
Кыз башым менен чабамын.
Айсалкын баштап барат деп,
Айткыла азыр кабарын.
Эрезеге жеткирген
Эне-атам азап тартабы,
Эр жигит эмес, кыз деле,
Элине шорду артабы?
Катын албай кан жутат
Калмактардын картаңы.
Айткыла атпай кыргызга,
Ат башын жоого тарталы.
Балгарт деген баатыр бар,
Ага да кабар айталы.
Карабай жерди калайык,
Калмакты жеңип кайталы.
Эркекче өскөн эме да
Эми,
Кармай түштү шайтаны
Жел каманда токулган
Жойку деген байталы.**

Аны уккан аксакалдар, айыл башчылары, акылмандары ыраазы болушуп, кантсе да кыз баштап барды десе кыргызга кыйын сөз тийээр. Кыз ызаланып, кызуусу менен сөз айтып койду. Балгарт баатыр жигит болуп, эл башкарып, эл-жерин жоодон коргоо колунан келип калган кез. Андан көрө ошого киши чаптыргыла дешип, түн бою кабар айттырып, ал кечикпей жетет.

**— Барса бара көрөлү,
Баары айтса көнөлү.
Бийикте турса бийкечти,
Биреөгө кантип берели.**

Чоң дайранын боюнан,
Чогулуп бүтүм кылалы.
Өчөшпөй эле жөн-жөндөн
Өйүз-бүйүз туралы.
Эмне дешет эки жак,
Элим ошол жерден угалы.
Каман менен экөөбүз
Жекеме-жеке чыгалы.
Экөөбүз менен чечилсин
Элди эмнеге кыралы?

дегенде, Балгарт баатырдын сөзүнө, токтоо мүнөзүнө ыраазы болуп:

— Айтканың келсин, кудай тилегиңди берсин! — деп, алакан жайып бата беришет. Эртеси Айрычатты чакырып алып Жангазы чапан жаап, ат мингизип, кызымдын көңүлү жок, жалгыз кыз болсо зордой албайт экенсиз, Каракаманга айт, калк жалгыз кыз үчүн кыргынга учурабасын, жума күнү силер колуңарды курап, чоң дайранын боюна келгиле, өйүз-бүйүз болуп туруп кеңешип, анан жарашсаңар жарашып, жарашпасаңар жалгыз кызды талашып калаарбыз,— деп узатат.

## БЕТТЕШҮҮ

Айткан күнү чоң дайранын жээгинен эки тарап жолугушуп турушту. Каракамандар жактын түрү бузулп, ызырынганы байкалат. Топтун дүрбөгөнү анчамынча басылары менен аркы өйүздөн Каракаман айкырды:

— Жангазы ата аманбы?
Амандашсам жаманбы?
Атайын алып келдиңби,
Ардактап баккан балаңды?
Балакетке калам деп,
Байкасаң керек чамаңды?!
Жалаа кылып келбесең,
Жалатат элем таманды.

Кичүү-улууң чогулуп,
Ким дейсиңер Каманды
Колукту бергин, калың ал,
Кор кылбастан адамды.
Кыз беришип, кыз алып,
Бир жешели адалды,—

дегенде Жангазынын жанында турган Балгарт андан руксат сурап, Каракаманга кайрылат:

— Каракаман барсыңбы?
Аксакал алик алсыңбы?
Адегенде сөз алган,
Алжып калган чалсыңбы?
Эр жигит деп ойлосом,
Эптеп жүргөн жансыңбы?
Барымта берип бир кызды,
Балгарт карап калсынбы?

Андан көрө кулак сал,
Айта турган сөзүм бар.
Сыр көрсөтө сүйлөшүп,
Сыйрышпайлы, сөкпөйлү,
Эрегиштен өрт чыгып,
Элдин канын төкпөйлү!
Калжакташып кармашпай,
Калыстын сөзүн угалы.
Жетишербиз экөөбүз,
Жекеме-жеке чыгалы! —

дегенге, эки тарап тең эп көрөт. Каракаман Балгарттан бир мүчөлү ашыгыраак жашап калган экен. Кара күчү бар, бирок, тоң моюн эби жогураак экен. Балгарттын да күчү андан ашпаса, кем эмес. Адегенде ат үстүндө күн шашке болгуча алышып, жеңише алышпайт. Андан кийин аттан түшө калып күрөшүшкөн экен. Бешим ченде бир аз эс алышып, анан кайра атка минишиптир. Ошондо каш карайып келе жатканда Балгарт баатыр Каракаманды ат-маты менен сууга карай бура сүйрөп кирет. Корчабек ошондо ооздукту

кемирип, айлампаны карай бурганда, Балгарт Каракаманды колун ээрге басып алып, ылдыйдагы суунун эки айрылышынан аркы ейүз жагына ыргытып, кайра тартат. Эки тарап убада боюнча калк чапканды, кан төккөндү токтотот. Эртеси эки эл жарашып, достошуп, чоң дайранын аты «Каракаман-Балгарт» болуп аталат экен. Ошол эле жерден кыз алуу, кыз берүү тойлору өтүп, Балгарт баатыр Айсалкынга үйлөнгөн дешет.

## ТӨЛӨК СЫНЧЫ

**Уламыш кеппи, жалганбы,**
**Улуулардан калганбы?**
**Жосуңду көрөм мен дагы,**
**Жомокту сүйгөн балдарды.**
**Эл оозунан түшүрбөй,**
**Эпосчу, сынчы, балбанбы.**

**Таржымал кылып отурбай,**
**Таштайын анда бөлөктү.**
**Топ ичинен таанып ал,**
**Толубай уулу Төлөктү.**
**Таанышсаңар силер да,**
**Тарбия берер өрнөктүү.**

**...Ошондо жайдын убагы,**
**Он эки жашта курагы.**
**Жайлоонун толук кези экен,**
**Жайкалып шибер тулаңы.**
**Ажайып бүткүл теребел,**
**Аскадан шаңшып улары.**

**Бакылдап ойноп жүрүшкөн,**
**Балдардын ачык кабагы.**
**Конушта жаткан бир ташты,**
**Көп тиктеп Төлөк карады.**
**Ал аңгыча көрүндү,**
**Аксакал чалдын караанды.**

— Ассалам, сизге карыя,
Аткөлүк, мал-баш аманбы?
Жылкынын башын тиктеген,
Көрбөңүз жаман баланды.
Талаада жаткан бул куу баш
Таңкалтат көргөн адамды.

— Алик алдым балакай,
Айтчудай бир кеп түрүң бар.
Шат кылып турган укканды,
Шанданган шайыр үнүң бар.
Кеңеше турган кеп болсо,
Кел, тартынба, айтып кал.

— Макул анда карыя,
Шашылбай угуп туруңуз.
Тулпардын накта башы экен,
Көрсөңүз, көңүл буруңуз.
Чолуп айтып отурсам,
Чоң жомок болор мунубуз.

Кезегинде бул тулпар,
Кербендер менен барыптыр,
Ээси таштап, бапестеп,
Эчен байге алыптыр.
Дуулдап кайран аргымак,
Дубанды бүтүн жарыптыр.

Колуна түшүп душмандын,
Кордукту эчен көрүптүр.
Алаамат болгон согушта,
Ажалдан ээси өлүптүр.
Айдалып кетпей ал жерден,
Аргымак жашын төгүптүр.

Түркмөн тукум жылкыдан,
Чыкканы турат байкалып.
Көрктүү чыккан камбардан

Куйрук-жалы жайкалып.
Он асый болгон кезинде,
Өлүптүр мээси чайкалып.

Бычылбаган жылкы экен,
Байкалбайт башта тукуру.
Суу ичпей чуркай берчү экеп,
Сууткан сайын утуру.
Жаш эле экен сөөгү,
Калган окшойт тукуму...

Айта берсе ал бала,
Абышка турду таң калып.
Калган балдар кетиптир,
Алда качан даң салып.
Баамчыл бала сүйлөсө,
Карыя калды арданып.

— Балам,— деди акыры,—
Кайсы айылдык болосуң?
Жылың кайсы айта кой,
Канчага быйыл толосуң?
Бул аймактан билчү элем,
Аксакал менен чоросун.

— Жетим калдым жашымдан,
Бул айылга бөлөкмүн.
Сыпайы сырын жашырбайт,
Сынчы кара Төлөкмүн.
Уругум билбейм кайсыдан,
Ушул элде жөлөкмүн.

— Бар бол балам, ылайым,
Жылдыздуу экен маанайың.
Аман жүрсөң жетилип,
Ачылат экен таалайың.
Үмүтүм чоң өзүңдөн,
Үйүмө кошо баргын сен.

— Келип бери садага,
Атаңа сунуп берчи кол.
Үч кызым бар үйүмдө,
Төртүнчү менин балам бол.
Толубай сынчы сыяктуу,
Тосуп турат сени жол!

Айылга барып абышка,
Уулуна чоң той берди
Жетим-жесир дегенге
Тукум кыл деп кой берди.
Сынчы кара Төлөгүн,
Сынайын деген ой келди.

Адырдагы ала баш,
Жылкыны келди айдатып.
Коктудагы кула баш,
Куланды койду байлатып.
Үйүр-үйүр жылкыны,
Үй жакка койду жайлатып.

Тойго чапчу күлүктөр,
Топтоп мында келишти.
Топ келишкен көп атты,
Төбөлдүн баары көрүштү.
Төлөктү «кана, сында» деп,
Төрдөн суроо беришти.

Айдап келип жатышты,
Ат болгонун суратып.
Тай-туяктан калтырбай,
Так алдыдан чуратып,
Үйүр-үйүр жылкы өттү,
Үч кере бою чубатып.

Жалдырап карайт калайык,
Жалган айткан жарабайт.
Жал куйруктуу күлүктүн,

Жарайт,— деп бирин карабайт.
Жыландай сойлоп өтсө да,
Жылкы ордуна санабайт.

Жылбай баары отуруп,
Жылкынын бүттү аягы.
Калды эми бир гана
Кара чобур баягы.
Кор болгон экен жаныбар,
Койчунун тийип таягы.

Жаман атты бир көрүп,
Жарк деди анын кабагы.
Анык тулпар ушу деп,
Аябай сындап карады.
Жаңылды Төлөк мындан деп,
Жаалашты баары баланы.

Мейли эмесе калайык,
Балага муну беремин.
Эмне болот аягы,
Эмдиги жылы көрөмүн.
Сөөлөтөн эл тарады,
Сөзүн угуп Төлөктүн.

Ай артынан ай чубап,
Анан жылга айланды.
Карагер ат таңталып,
Канча жол суутуп байланды.
«Суук көзгө» көрсөтпөйт,
Үртүктөн камдап шайманды.

Күркүрөгөн күз жетип,
Күлчоро ашы берилди.
Кулак угуп көз көргөн,
Күлүктүн баары терилди.
Бир кезде кара аргымак,
Сүмбөдөй болуп көрүндү.

Бул кайсы болуп кетти деп,
Биринен бири талашат,
Көкүлүн сүйгөн күлүктү,
Көптөрү улам карашат.
Ак калпак кийип чыкчыйтып,
Атына Төлөк жарашат.

Айдалып аттар күнчүлүк,
Ал жерде элдер калышты.
Балбан күрөш, оодарыш,
Бар тамаша салышты.
Улак тартып бир даары.
Үзөңгү бутка кагышты.

Эртеси шашке болгондо,
Аттардын алды көрүндү.
Ал аңгыча бир кара ат,
Бут атымдай бөлүндү.
Куландай болуп сызганы,
Куйрук-жалы төгүлдү.

Төрө менен Толо деп,
Баланын үнү чыңкылдайт.
Карылар кулак түрүшсө,
Каңыраш болуп угулбайт.
Төлөгүм тура, Током деп
Төрө чал кургур чырылдайт.
Канча бир күлүк ичинен,
Карагер чыгып байге алды,
Төлөгүм сынчы экен деп,
Төрөнүн көөнү жайланды.
Болсо да бала, ал күнү,
Болуш болуп шайланды.

Бир күнү айыл ичинен,
Бүкүң-бүкүң кеп угат.
Сенин атаң Толубай,

Сынчы болгон деп угат.
Катарлаш өскөн балдардан,
Качкынсың деген сөз угат.

Капыстан угуп мындай сөз,
Кабагы калды салынып.
Жалбарса болбой ата-энс,
Жашып алды таарынып.
Өмөрчөктөйт үй-бүлө,
Өпкө-боор чабылып.

— Таарынба балам ал үчүн,
Таап берем издеп айлыңды,
Эл-жериң Ак-Сай тарапта,
Элден уксам дайныңды.
Ажырай тургам өзүңдөн,
Айтпагын балам кайгымды.

Үч күнчөлүк жол жүрсөң,
Үйүңө кирип барасың,
Карындашың Күңүтай,
Издесең андан табасың.
Толубай болгон чоң атаң,
Ырысың тоодой баласың —

Дегенде туруп ордунан,
Кубанды ыйлап бышактап,
— Айтканың чынбы, ата — деп,
Асылды чалды кучактап.
— Эл-жериңе бара кой,
Эч ким айтпас ушактап.

Эртеси элин чакырып,
Балага берди батасын.
Кыя албай турду баласы,
Кийинки тапкан атасын.
Туулган жерге аттанды,
Турмуштун оңдоп катасын.

Күңүтай-кыз түш көрүп,
Көрдүм дейт сонун түшүмдө.
Кара аргымак келатат,
Кадимки «Шамшы» түсүндө.
Элине келет абам дейт,
Эки күндүн ичинде.

Түшүмдө көргөн адамым,
Төлөк абам өзү экен.
Кадамын таштап келаткан,
Карагер аттын өзү экен.
Тоспосок болбойт тулпарды,
Табына келген кези экен.

Ушуну айтып Күңүтай,
Ишине кирди, чамдады,
Аргымакты тосуу үчүн,
Аркан жибин камдады.
Атты бек кармап тосууга,
Айылдан балбан тандады.

Үйдөн элдер чыгышты,
Үчүнчү күн болгондо.
Алыстан дүбүрт угулду.
Асманга жылдыз толгондо,
Төрт аягын сабалап,
Аргымак келет чоң жолдо.

Толуп турган жигиттер,
Тосунуп жолун жабылып,
Аркан-жиптен тартылды,
Алышкан мурун камынып.
Ал-жаны калбай Күңүтай,
Агасы бүгүн табылып.

Карагер атты токтотуп,
Төлөктү аттан алышты.
Төрөбүз сынчы келди деп,
Той берип жатып калышты.

Кула бээниң көтөрүп,
Курмандыкка чалышты.

— Оой, байкелер, туугандар,
Ичин жар деди момуну.
Тубаса тулпар-ат болот,
Туйлаган ичте кулуну.
Төлгө болду элине,
Төлөктүн жүрүм-туруму...

## БАРМАКТАЙ

Болгон экен илгери,
Боронбай деген абышка.
Бала көрбөй зарыгып,
Барган дешет калыска.
Баслы деген кемпири
Баркы чыккан алыска,
Чалы айтты кемпирге,
Бир бала багып алышка.
— Аны кайдан табабыз,
Аны кимден алабыз?
Алла таала бербеди,
Ак уул, менен кара кыз.
Перизат тилеп алладан,
Жүр, мазарга барабыз.
Айткан сөзгө сүйүнүп,
Кемпири шашты кийинип,
Куржундарын аңтарат,
Кудайын айтып күйүгүп.
Эрди-башы кемшеңдейт,
Эки эмчеги ийигип,
Ошол тапты бир нерсе,
Ыргып чыкты түйүлүп.
Энеке кайда барасыз?
Мазардан эмне табасыз?
Барбай эле коюңуз

Бөөдө арманда каласыз.
Чарпылып койбос иштерге,
Чалды арманга саласыз.
Андан көрө ат коюңуз
Алдыңа келди балаңыз.
Кереметке ал барбы
Кемпир абдан таңданды.
«Балаң» деген сөздү угуп
Батына албай шанданды.
Баягы ийик түрмөгү
Бармактай болуп жанданды.
Мына кызык тамаша,
Бала экен караса,
Туптуура экен мүчөсү,
Тулку боюн санаса.
Эңкейип алды байбиче
Эс учунан адаша
Карап алып жоодурап,
Бүткөн-бою шалдырап.
Анан чочуп кыйкырды,
— Абышка! — деп балдырап.
Колунан түшөт баарысы,
Казан-аяк калдырап.
— Абышка, кел, арбагын,
Арылат эми арманың,
Ал, алакой мынакей,
Алтын уулду кармагын. —
Деп бабырап кемпири,
Сунгандай болду бармагын.
Кемпирге жин тийгенби,
Балааны башка үйгөнбү?
Бала экен деп байкабай
Бармагын кесип ийгенби?
Деп абышка чочулап,
Алгандан аны ийменди.
Баамдап анан карады,

Чочүлоосу тарады.
Бармак эмес байкаса,
Көзү чалды баланы.
Сакадай ыргып наристе
Сакалын чалдын тарады.
Жашып кетти абышка,
Жашына келсе каралды.
— Ай, абышка жашыба,
Түшкөнсүп мүшкүл башыңа.
Андан көрө атын кой,
Каралдың келди кашыңа.
Чакырабыз эл-журтту,
Тургун тойдун башында,—
Баланын аты коюлду,
Тойго тайлар союлду.
Байгеге ат чаптырып,
Баштамак болду оюнду.
Беш күнү тою тойлонуп,
Бей-бечара тоюнду.
Баланын аты Бармактай,
Көзү бүтүк жаргактай,
Күнү-түнү акактап,
Көп ичет сууну талгактай.
Кирип-чыгып үйүнө,
Иштей берет түк жатпай.
Кай жумушка жиберсе,
Кете берет үн катпай,
Күндүзү мал кайтарат,
Отун алат кайталап,
Эртең эмне болоорун,
Күн мурунтан айта алат.
Чекилешсе кээ бирөө,
Чекеге чертип майтарат.
Кемпир-чал үйү тар эле,
Бир мышыгы бар эле.
Жылма ууру болгон соң,

Жылтылдап жүнү кара эле.
Болушка деле перзенттүү,
Көрүнчү жакшы дагы эле.
Митаам мышык жойлоду,
Бир жамандык ойлоду.
Жанаша жүргөн баланы,
Жакшы көрө койбоду.
Күндөрдүн бир күнүндө,
Бармактай менен ойноду.
Алдап туруп бир маалда,
Аны жутуп койгону.
Барбардыгер талабы,
Балааны башка салабы,
Тамак ичээр учурда,
Табышпай калды баланы.
Мыйыктан мышык жылмайып,
Ууртун улам жалады,
Арамзада мышкыйга,
Артты анын тамагы.
Чал-кемпир тамак татпады,
Жабылып казан капкагы.
Боздоп ыйлап байкуштар,
Бири да үн катпады.
Каптал жаккы мамыкка,
Камынды мышык жатканы.
— Баланар мында жатат,— деп
Бармактай үн катканы.
Чал-кемпир түрүп кулагын,
Издешип чыкты чунагын.
Баамдап таппай коюшту,
Баланын кайда турганын.
Кайдан билсин карылар,
Мышыктын мыш кылганын.
Жатпайбы бурчта ал шүмшүк,
Жалгыздын ырдап жыргалын.
Ал экөө таппай арманда,

Арызын айтып жалганга,
Кыйкырды бала мындай деп,
Мышык уктап калганда:
— Мышыктын билбей митаамын,
Алжыпсыңар карганда,
Мен азыр өтө капамын,
Ачылбай көңүл жапамын,
Карынында мышыктын,
Караңгы, көрбөй жатамын,
Мышыктан союп алгыла.
Макиси менен атамын.
Ойгонуп кетсе мышыгың,
Баштабасын чатагын,—
Дегенде, чал шашылды,
— Көтөр кемпир башыңды,
Батыраак союп алалык,
Бармактай болгон асылды,
Жашабаган көр мышык,
Жарайын сенин башыңды,
Актабадың ит-айбан
Бапестеп берген ашымды.
Байкабай мышык чоюлду,
Заматта мышык союлду.
Иче-карды алынды,
Анын семиз этине,
Айылда иттер тоюнду,
Жылтылдап турган териси,
Тумакка деп коюлду.
Карында жаткан камтылып,
Бармактай чыкты атылып,
Безилдеп ыйлап чал-кемпир,
«Түлөө» берди ал түнү,
Түтүндү түрө чакырып.
Анан жакшы жашашты,
Далай күндү батырып,
Далай түндү атырып!

# ПОЭМА

## СУЛАЙМАН ЖАНА СУЛУУМИФ

*А. И. Куприндин «Суламиф» аттуу чыгармасы боюнча*

**Сулайман чарбагында жалгыз калып,**
**Отурду туш тарапка көзүн салып.**
**Аңгыча арген өңдүү ыр угулду,**
**Астейдил тыңдаганда тартып алып.**
**Ошол үн өзү жакка улам тартып,**
**Обдултат барган сайын кумары артып.**
**Ойдо жок кыз чыкпаспы аңгычакты,**
**Ой тобоо, башкалардан сымбаты артык!**
**Көйнөгү желге кэлбүп көңүлү жок,**
**Көз салган да бирөөнү көргөнү жок.**
**Керилип кер маралдай баскан кезде,**
**Кетти тер пайгамбардан мончок-мончок.**
**Дагы эле байкаган жок ырдай берди,**
**Дамамат Сулайман да тыңдап көрдү.**
**— Кыз бала, ырың сонун,— дегенинде,**
**Кызарып, жүзүн ары бура берди.**
**Капырай, хандын каран көзү түштү,**
**Касиет бой жеткенде кандай күчтүү!**
**— Уялба учур экен биз таанышаар,**

Урматтуум, ала качпа нурлуу жүздү!
Бурулса булуту жок ай көрүндү,
Ай эмес ажар ачкан нур төгүлдү.
— Түн кезген пери кызы болуп жүрбө?
Түшүмбү, же болбосо бул өңүмбү?!
Жер кезип далай аял алдым мурун,
Жараткан, жашырбастан айткан сырым.
Жазуума буйрук кылган кыз дериби,
Жалт этип жаш эликтей көрчү сынын!
— Кайыр кош, тоспоңузчу жолумду,
Кантип берем сизге чорлуу колумду?
Хан заададай сөөлөтүңүз байкалат,
Калпты айтып кайнатпаңыз шорумду.
— Оо, перизат бери мени карагын,
Ошол хандын жасап берем тамагын.
Садага чаап бардык болгон мүлкүмдү,
Сан катынды аша чаап аламын.
Буга чейин балын таттым далайдын,
Бирок өзүң оту окшойсуң таалайдын.
Көз көрүнөө кара жаным жебейин,
Көркү болчу мен жашаган сарайдын!
— Агаларым көрсө сөзгө каламын,
Аста аке, азыр үйгө барамын.
Апам жесир, аза күтүп отурат,
Атасы жок өзүм жетим баламын.
— Үйүң кайда, кантип издеп табамын,
Үмүт үзүп сенден кантип каламын?
Түңүлтпөстөн түзүк жообун айтып кет,
Түн киргенде издеп өзүм барамын.
— Издегенге алыс эмес биздин жак,
Ички көчө, айланасы кара бак.
Сегиз жашар иңдим жатат жанымда,
Сезимталдуу уйкусу аз өтө сак.
Падыша да кетирбөө үчүн ашыкты,
— Менден башка сага бирөө ашыкпы.
Барып калсам кандай кылып кездешем,

Терезеңиз жабыкпы же ачыкпы?
— Бак ичинде төтө жолду билесиз,
Байкас бербей арткы эшиктен киресиз,
Бар болгону бойго гана толгонум,
Баёо кыздын алабалын билесиз?!
Оймок ооздон чыккан илеп шаңдантты,
Оо, жараткан, кеп-келбетиң таңдатты!
Тагдырыма татынакай таң атып,
Табыйгаттан так өзүңдөй жар тапты,
Деп айтканда, туйлап кетти жүрөгү,
Ал ишенди ишке ашаарга тилеги.
Бажырая колун тартып басканда,
Боло түштү too көлүнүн чүрөгү.
Опкоолжутту кыз жүрөгүн ошол күн,
Ойго батып тосмок болду кадыр түн.
Жыпар мончок септи аппак боюна,
Жигит көрсө кантмек анда катыгүн?!
Күттү көпкө, бирок бозой келбеди,
Күчүк эмес жел да дабыш бербеди.
Таң атаарда уктай албай, чыдабай,
Тагдырлашын өзү издеп жөнөдү.
— Ээ кудайым бизге ушуну бермек,— деп,
Эки кароол кармап алды эрмектеп.
Жоолук кылып кыз качканда жулунуп
Жетпей калды тигил экөө делдектеп.
Тагдыр буйрук кылбайт тура тамаша,
Таксыр өзү турат так маңдайда.
Көрө коюп көңүл сүйгөн перини
Көпкө сүйдү көтөрүп алып балача.
Башка жан жок ой боорунча болушту,
Бал татыган оздору сүйүштү.
Көңүлдөрү ийип бири бирине,
Көк майданда көз жумуша солушту.
Кыз илеби жалын тура, чок тура,
Кылыгы да кумар кылып шок тура.
Аппак ууз ийип турса ыкласка,

Ай-ааламда андан артык жок тура!
Оо, жараткан, оо Мажнунум-сүйгөнүм,
Олуям ай, ойдо жогум,
Бала кыял ойноок кезим наздантса,
Башкаларга башымды эч ийбедим.
Айтууга ал ар жагын өтүнө албай,
Алаптайт бул көргөнгө жетине албай.
Мағдырап таза дилин тартуу кылат,
Махабат ал учурда кантет жанбай?!
Ийилип имерилсе бели талдай,
Ичишти муза суусун улам канбай.
Туюнтуп бул экөөнө ысык сүйүү,
Тура тур убакытым бөлүп жарбай?!
Жаштыктын жашыруун да жаман аты,
Жаш кыздын анда калды «аманаты»
Бүгүндөн калтырбастан той берем деп,
Хан дагы болбосо дейт жаманаттуу.
Ан сайын көздүн бышып карагаты,
Аптыгып артта калды балакаты.
Жүрөктөн жүлүнгө өтүп сүйүү оту
Жүздөрдөн жаркып турду сүйүүлөрү
Толукшуп ак сарайда тосуп алды,
Той берип, никелешип кызды алды.
Сулууга сугу түшкөн эл-журтуна,
Аябай казына-мүлкүн чачып салды.
Сулуунун ар кийгени туура келди,
Ак куусу көлдүн болуп чыга келди.
Ай-күндөй ажар ачкан чырымталын,
Ансайын хан канбастан карай берди.
Таалай буйруп тагдырыма туш келип,
Татына жан, кайдан мага табылдың?!
Азыр түштүм арасына жалындын,
Ак периштем даамын таттым балыңдын.
Кептерим сен канат күүлөп турганда,
Кереги эмне казынаңдын, малыңдын?!
Суусун таптап чаңкап таңдай катканда,

Сулуу таптым сууп бара жатканда.
Түштүгүмө жорго минип өңдөндүм,
Түндүгүмдү сен келгенде тартканда.
Өтүп жатты сонун учур арадан,
Суроо салды сулуу кептен каалаган:
— Кечөө гана мен секелек кезимде,
Кербен келген кайсыдыр бир калаадан.
Ошол кезде мен да жетип талаадан,
Ойпоок карап келгендерди санагам.
Кырктардагы сулуу аялды көргөнмүн,
Ким эле ал айтчы жаным олуям?
Дегенде аны кучагына имерди,
Деги ошону айтпачы деп жиберди.
— Балкыз деген падыша аял бар эле
Балким ошол таң кылган го силерди?
— Акылдуу да, айлакер да эме экен,
Ашык болуп көзү түшкөн жеңе экен.
Адегенде бир иш кылды табышмак,
Кыйын болсоң таап алчы деп табыштап,
Кийиндирип жүз адамды жиберди,
Кимиси кыз, кимиси эркек кана тап?..
Тосуп алып меймандардын болгонун,
Жуусун дедим жүзү менен колдорун.
Сылык-сыпаа жуунганын келин деп,
Сыпатсызын жигит го деп болжодум.
Андан кийин табышмактар көп өттү,
Баарын чечтим удаа-удаа жөнөттүм.
Оңтоюн таап келип анан өзү да,
Көңүлдөш болду мага нарктуу, сөөлөттүү.
Мына ошентип көңүлдөш болуп баягым,
Оюмда жок калды бардык аялым.
Көлөкөдө кайсы бир күн жатканда,
Көрүп койдум тири суук аягын.
Аны байкап кетти болуп ызалуу,
Агып жашы кумар канбай кусалуу.
Аны унуткам алда качан жарыгым,

Андан көрө сүйүү даамын сызалы!
Пайгамбардын сөзү бүтүп түн өтпөйт,
Баштан өткөн бала кезин сүрөттөйт.
Падышамын ага тобо келтиремин,
Баягы зак али деле жүрөт дейт.
Сүйлөп бер деп берки кыса кучактайт,
Сүйкүм кучак хан денесин тузактайт.
— Жашабагыр ээлеп алды жалгыз,— деп,
Жатып алып бүт салбарлар ушактайт.
Астис деген аялдардын улуусу,
Аялдардан акыл-эстүү, сулуусу.
Отуз жашта, канай элек этеги,
Жигиттики — төшөгүнүн жылуусу.
Бир жыл болду хан ошону таштаган,
Баягыдай келин эшик ачпаган.
Күйүшүп кегин алып башкадан,
Күндө жигит алмаштыра баштаган.
Жаман жорук күтүп алган жанына,
Египеттин эргүүсү бар канында.
Жан-дили менен бир түн гана кондуруп,
Жаңысын таап салат чокко-жалынга.
Адаты бар адам мизин майтарган,
Арамдык бар керек кезде май тамган,
Элиавды амал ойлоп чакыртты,
Эрин такай суук көздөн кайтарган.
Аны дагы өткөн жылдар бир күнү,
Алып жаткан алчактатып бир түнү.
Ойкуштатып оптоп ашкан кумары,
Ойдон чыкпай кала берген миң түнү.
Кирип келип Элиаз ага баш урду,
Кичи пейил Астис келип кол сунду.
Өйдө туруп көз жаш ылдый чубуруп,
Өбөйүн деп бирок жетпей умсунду.
Астис анын чачына ороп салаасын,
— Аста жигит, али деле баласың.
Жаш перисин падышанын майсасаң,

Жанымдан сен жылуу орун табасың!
Ар дайыма сен жанымда жүрөсүң,
Ал жөнүндө айтчы эмне билесиң?
— Падыша анын бутун өбөт жалбарып,
Аны көрүп бет чымырайт, күйөсүң!
Азыр көрсөң иши жоктой тагында,
Айланчыктайт жаш аялдын жанында.
Айланчыктап көзүн албай кайтарат,
Айлуу түндө, күндүзүндө, таңында.
Аны угуп Астис жини кайнап турду,
Албырып Элиаз көзү жайнап турду.
— Сен мендик, анын көзүн жоготсоң,— деп
Селкилдеп салбар аял сайрап турду.
Ошондо жетинчи түн болгон эле,
Оймок ооз ойдогудай өпкөн эле,
Ушул түн ушунчалык укмуш деле,
Ууз сүйүү — урттан учкан бир куш эле.
Эч ойсуз махабаттуу көлдө сүзүп,
Эх чиркин! Балкып турат эки дене.
Жаным ай, эмне мынча жүзүң жаркын,
Жат болду жүрөгүмдө сенин баркың.
Байлыгым, бакытымда өзүң болуп,
Байлады өрттүү сүйүүң, жыттуу алкым!
— Таза сүйүүң так алдымдан торгоду,
Таалайым сен таап алган колдогу.
Түнүм, күнүм өткөнү эч билинбейт,
Түбөлүккө жанда турсаң болгону.
Ак сүйүүмө күбө болдуң жанымдан.
Адал кубат аралашты канымдан.
Сөөлөтүнөн бал ичишип сүйүүнүн,
Сөз угулат бир-бирине айтылган.
Кучактачы курман болуп кетейин,
Кубат берип кадырга чын жетейин.
Кыналышкан жумур денең бек болсун!
Кызмат кылып кол астында өтөйүн!
Сүйчү жаным, ишке ашты го тилегим,

Сүрүн укмуш ак сүйөсүң билемин.
Өлөмбү деп ушул түнү чочулайм,
Өропкөтүп алеп-желеп жүрөгүм?!
— Кантет секет жаман жоро баштаба,
Как жеткенде жалгыз мени таштаба.
Сулуумифти кыйбайт өлсө Сулайман,
Сага эмес, ажал барсын башкага.
Жаман ойду ары карай айдачы,
Жар сүйүүнүн жакшы болсун айласы.
Тирүүлүктө ак сүтүңдү аяба,
Тийсин дайым жүрөгүмө пайдасы.
— Эртең менен жүзүм жакка барсакпы,
Эзилишип бир кумардан кансакпы.
Татынакай аманатым калган жер,
Тагдыр сыйып кайра таап алсакпы?
Падыша өптү ал айтканда аймалап,
Паризаты колун издейт кармалап.
Кокусунан чочуп турду Сулуумиф,
Корктуңбу? — деп өптү удаа жалмалап.
— Жаным тыңда сыртта адам жүрөбү?
Жаман ойлуу сезип турам бирөөнү.
Кокусунан өлүм мага кез келсе,
Койбо олуям мага бөөдө күнөөнү.
— Ооба,— деди, сөзүн бүтпөй басылды,
Ошол кезде шарт деп эшик ачылды.
Аны беттеп баскан кезде Сулуумиф,
Албарс кылыч кыя чаап жапшырды.
— Сен кимсиң? — деп ыргып турду Сулайман,
Жети түндө корксоң боло кудайдан!?
Жакса чырак, жарык «жайлап салыптыр,
Элназ экен, эси кетип муңайган.
— Токто, качпа, көтөр кана башыңды!
Токонаалат ичтиби уурдап ашыңды?
Күнөөсү жок периштени өлтүрдүң,
Ким жиберди, катып котур ташыңды?
— Айла канча, аткарбасам падышам,

Аны кылган Астис аттуу канышаң.
— Азыр кет да түшкүн барып абакка,
Анан өзүм ишиң менен таанышам!
Ошол замат оттор улуу жагылды,
Ойку-кайкы коңгуроолор кагылды.
Далай жерге ат чаптырып жиберип,
Дарыкерлер бүт табылды, чогулду.
Көрүп болуп, сөзү чыкты биринин:
— Күчү жетпейт дары менен билимдин,
Көкүрөктө калган кылыч сыныгы,
Кайта суурса жаны чыгат тирүүнүн.
Ал аңгыча ай да чыкты кылайып,
Сулуумифтин чачы көзгө булайып,
Сулаймандын көзү өтүп муңайып,
— Суу берчи,— деп араң эле сурады.
Коё бербей Сулаймандын колун кармап,
Акыркы керээзин да айтты арнап:
— Ыракмат, ыраазымын ак сүйүүңө,
Ырыскым, эстей жүргүн күйбө зарлап.
— Унутпайм элде сүйүү турган кезде,
Укмуштай жакшы элесиң турат эсте.
Ыракмат, жети күндүк бек сакталып,
Ырларым сага арнаган болоор десте! —
Сулуу таң аткан кезде эртең менен,
Сулуумиф кетти уйкуга келбес терең.
Андан соң Ахисерга падыша айтты:
Ары жогот, Египетке кетсин жеңең,
Отуруп ой жаздырды мындай деген:
«Алгының бул сөзүмдү жүрөк менен,
Аткени, ажал тажаал сүйүү өңдөнүп,
Аябай ичи тар, жаалы терең,
Жебедей жеткен жерин ойрон кылып,
Жексурдун залалына жетпейт чечем».

## УЧКУЛ ОЙЛОР

Сөзү мурчтун —
Калеми курч.

* * *

Көптү көрө билсең,
Сөздү тере билесиң.

* * *

Ойдогуңду айтсаң —
Ойлонуп айт да,
Ошондон кайтпа!

* * *

Жакшы айтсаң —
Жадымда калаар.
Жаман айтсаң —
Айланып өзүңдү табаар.

* * *

Көтөрүлсөң —
Тууган болуп чыга калган бар.
Көмкөрөңдөн кетсең —
Душман болуп тура калган бар.

* * *

Таап сүйлөсөң —
Тапандыкка жатпайт.

Чаргытып ийбесең —
Өз башың катпайт.

* * *

Өзү калыстын —
Сөзү калыс.
Арыкты аттай элек жатып,
Өттүм дебе.
Ала элек туруп,
Жеттим дебе.
Эрдиң жете элек жатып,
Өптүм дебе!

* * *

Баарына көзүн арткандан,
Бал сөзү менен тарткандан.
оолак бол!

* * *

Дыйкан кылса далалат,
Дан түшүм мол жаралат.
Наабайчылар наз болуп,
Нандар көп-көп жаралат.

* * *

Башка аштан калсаң каласың,
Бирок, нандан кантип танасың.

* * *

Дасторкондогу нандын бүкүлү
болгону да,
Анын күкүмү болгону да
береке.

* * *

Касиеттүү нандын кадыры —
Жардың ачканда билинет.
Анын жытын искеген ачка —
Ажалдан да тирилет.

* * *

Нанды кор кармаганың —
Өзүңдү шор кармаганың.
Кененчиликте нан турат,
Кесирдин бузугун нан урат.

* * *

Нан жыттанган тойбойт,
Кан жыттанган оңбойт.

* * *

Жетсе да башың булутка,
Жеп жүргөн нанды унутпа!

* * *

Бири — напсисин ачып качыптыр,
Бири — «Бир буудай жеп,
бел ашыптыр.»

* * *

От менен ойнобо,
Эгер ойносоң —
Өзүң өрттөнбөйм деп ойлобо.

* * *

Жоокер айтканында турса бек,
Ал — душман өткүс чеп.

* * *

Бетке айткандан качпа,
Душманга сырыңды ачпа!

* * *

Ата Мекениңди сактаганың —
Ант, милдетиңди актаганың.

* * *

Ата журтту коргогонуң —
Арам ойлуунун жолун торогонуң.

* * *

Апа —
Баланын аттырган таңы.
Бала —
Анын ыйык каны.

* * *

**Абийир, намысыңды сактаганың,**
**Апанын ак сүтүн актаганың.**

* * *

**Байбиче жесир калса —**
**Бала-бакырасына батат.**
**Карыя жесир калса —**
**Кагалжыктап азап тартат.**

* * *

**Апаң болсо —**
**Жетиммин дебе,**
**Атасыз эле**
**Жетилдим дебе.**

* * *

**Энем бар деп,**
**Элүүгө чейин калжаңдаба.**
**Эмгегин жеп мойнунан түшпөй,**
**Эби жок алжаңдаба.**

* * *

**Кайненелүү келин —**
**Кадырлуу келин,**
**Энесиндей сыйлайт —**
**Элин.**
**Жолун жолдоп улуунун**
**Жоболоңго кыйбайт эрин.**

* * *

**Эстүү бала,—**
**Энесине — туу,**
**Эси жок эрке талтаң —**
**Энеге чылап берген уу.**

* * *

**Далалаттанып, спортко болсоң ынак,**
**Дайыма дениң сак, көңүлүң куунак.**

* * *

**Спортко ышкыбоздонуп келгениң —**
**Далай дартты жеңгениң.**

* * *

**Ден соолугун чыңаган,**
**Деминен эч кайтпайт.**
**Өх, кыйналдым жаным — деп,**
**Өмүр бою айтпайт.**

* * *

**«Кыз куумайдын» кызыгы бар,**
**Мөрөйдү алдырсаң, кычыгы бар.**

* * *

**Күнгө күйүп, муздак сууга**
**достошкону ң,**

Күйүткө салуучу дарттар менен
коштошконуң.

* * *

Денени чыңап алып жүрбөсө,
Дарт оңой чалат.
Алпурушсаң спорт менен,
Анын алдын алат.

* * *

Таза абада сейилдөө — табылгыс мүрөк,
Таразданат андан да — дене менен жүрөк.

* * *

Кыймылда болсоң —
Уйкуң да канат,
Кубатты —
Денең да алат.

* * *

Сүргүң келсе узак өмүр,
Дене — тарбияга бөлгүн көңүл.

* * *

Санаага терең батканың —
Сары убайым тартканың.

* * *

Жакшы адам конушка жер тандаса,
Жаман аял — күйөөсүн чанып эр тандайт.

* * *

Жонго чыгып семирген
Жоор басса ат арыйт.
Жолу болуп, бир кездеги азганын жериген,
Жорук-жосуну өзгөргөн эр —
канткенде жарыйт.

* * *

Көп тиктегенден көз талыйт,
Көжөлө уксаң сөз арбыйт.

* * *

Ирбитиң келип турганда —
Ишиңди чаппа курманга.
Сүйлөй берген жерде —
Сүйрөбө жакыныңды.
Акараат айтып бирөөгө,
Алдырба акылыңды.

* * *

Жакшы жагыңды көрөйүн деген
көзү жок,
Жаманды чукуюн десе —
тең орток,

(Бетке айткандан коркот)
Безеленип сөзгө чоркок.
Жазганымыш этип —
Жазганы бүт «тоголок»
Жадымы жүрүп, өзү жэголот.

* * *

Жери байдын — эли бай,
Эли байдын — көөнү жай.

* * *

Жер — өмүрдүн бешиги,
Эл — журттун ырыс-кешиги.

* * *

Бирөөнүн ажатын ача билсең,
Бүтүм чыгара жаза бил.

* * *

Шаар, кыштактын өпкөсү — бак-дарак,
Суу менен көгөрөт чар тарап.

* * *

Таза болсо короо-жай,
Ден соолук болот шайма-шай.

* * *

Жуулбаган колдун кири —
Жугуштуу дарттын жолунун бири.

* * *

Бал таамп турса тилинен,
Байкагын,
Ошол чын чыктыбы дилинен?..

* * *

Пейилди кенен салганың,
Береке — байлык алганың,
Тар кылсаң тапкан дүйнөңдү,
Талаада ошол калганың.

* * *

Таруудай да болсо кичине,
Таман акы, маңдай тери менен —
Тапканың кирсин ичиңе.

* * *

Кетмениң турса колуңда,
Кең мейкин ачык жолуңда.
Күрөгүң болсо колуңда,
Күз куту сенин колуңда.

* * *

Мээнеткеч болсоң жашыңда,
Мектебиң турат кашыңда.
Таап ачып илим-билимди,
Талантың ойноор башыңда.

* * *

**Мейманда отурганда —**
**Тизгиниңди жый,**
**Ойноп сүйлөбөй,**
**Ойлонуп-ойлонуп оозуңду тый!**

* * *

**Билими жетиктин,**
**Бийлиги тетик.**

* * *

**Жакшы көргөн балаңа,**
**Өтө эле ысык караба.**
**Эби жок эрке өстүрсөң —**
**Тарбияң кетээр талаага.**

* * *

**Улууну урмат кылсаң,**
**Убайым тартпассың.**
**Кичүүнү сыйласаң,**
**Кейишке батпассың.**

* * *

**Келиндин ыймандуусу — кешик,**
**Алдын басат арча бешик.**
**Жаман чыккан келин —**
**Кейиштүү зак, кетпес кесик.**

* * *

Жаман адатка ооган —
Жалпы элден безет.
Кешиги кеткен оозунан,
Кер кыялы кендирин кесет.

* * *

Жакшы менен жүрсөң —
Жалпыга жанашканың.
Жолуксаң жаман жолдошко —
Жолуңдан адашканың.

* * *

Ата-Мекенин саткан адам,
Айыгышкан жоодон жаман.

* * *

Үгүттүн таңы —
Үмүттүн шамы.
Тынымсыз өсүү —
Тынчтыктын шаңы.

* * *

Ок менен, от менен,
Суу менен, уу менен
Ойногон оңбойт.
Абайлабай — карайлагандын
Жолу оңбойт.

* * *

Акыйкатчыл, адилеттик, калыстык —
Адамдагы асыл милдет.
Анткорлук, мансапкорлук, кыйдылык—
Адамдагы айыкпас илдет.

* * *

Кыял — биз кызыккан келечек,
Кыйыры учуна жетпейт чек.

* * *

Казынабыз кара жердин аймагы —
Калкып алар калкыбыздын каймагы.
Жаман болор бузса эгер,
Жаратылыш өзү таккан сайманы.

* * *

Атым чыкса экен деп,
«Жер өрттөгөндү» —
Акыры жүрүп,
Эл өрттөйт.

* * *

Чындыктын көзү — көрөгөч,
Чычайта кууп жалганга өч.

* * *

Жат-жат, өз — өз,
Жаман-жакшы көрсөтүүчү — сөз.
Жетер максатыңды көздөсөң —
Жети өлчөп, бир кес.

* * *

Ичи караңын —
Жүзү да кара,
Иши да — жалаа,
Сөзү да,— балаа!

* * *

Адилет жүрсөң —
Алдыга өскөнүң.
Арамдыкты сүйсөң —
Ырыскыңды кескениң.

* * *

Телегей — тегиз заманда,
Тек жүр деп айт жаманга.
«Арам тамак» болбосун,
Алты саны аманда.

* * *

Дилиң ак болсо —
Тилиң так.
Дэриң ак болсо —
Дениң сак.

* * *

Көз салса сурап ишиңе,
Көрсөткүн ошол кишиге.

Мээнетиң актаар ал дагы,
Мейли, чоңбу — кичине.

* * *

Куйма кулак — сөздүкү,
Курч көргөн — таза көздүкү.
Кыйышып намыз алдырбай,
Кыйналсаң тууган — өздүкү.

* * *

Тамырдын тынбай какканы,
Жашооңдун жүрүп жатканы.
Качса кыйын ден соолук,
Каралап багып сакта аны.
Арак менен чылымга,
Абайлабай сатпа аны.

* * *

Уйкунун канбаганы —
Убайкерчилигиңдин жанбаганы.

* * *

Тоголок арыздын арты тоголок,
Томдолгон кагаздар оролот.
Торолуп калып ошого,
Тоголок жазган жоголот.

* * *

Жанар тоонун атылганынан көрө,
Жабылуу бойдон катылганы оң.

Кары менен жүрсөң,
Кадырын сыйлап, сөзүн ук.
Кичүүдөн кетсе чекилик,
Кеңешин айтып, алып чык!

* * *

Ордуна келсе жаңылганы,
Ошонусу—абийиринин жабылганы.

* * *

Ач көзүн артса,
Чөнтөгүнүн терeңдиги,
Ал ансайын тарыйт —
Пейилинин кененддиги.

* * *

Ачык болсо аялыңдын кабагы,
Аш болоор берген тамагы.

* * *

Аялдын эри болсоң —
Ары болбо, бери бол.
Акталгандай болсун,
Айтышкан ант, берилген кол.

* * *

Адеп-ахлегиңди адал карма,
Ата-Журтту бедел карма.

* * *

Айылдан жик чыкты,
Арызчынын кулагы тик чыкты.
Көзү акты көөлөп,
Кулагы каңырыш укту.

* * *

Алдырып койбой ак көңүл жактан —
Кырманыңа киргенде — сүйүнгөндөн,
Кызылдай кууп чыкса — күйүнгөндөн,
Алды-артыңды сакта!

* * *

Ичи жамандын ушагы,
Ийгиликке жеткенге салган тузагы.

* * *

Болсо деле балдарынын атасы,
Басып жеп элдин мүлкүн —
Баягы эле балалыгындай катасы.

* * *

Сүлүктөй болгон сөлөкөт,
Сүйлөсө сөзү балакет.
Тоту кушча миң кайталап чулдура.

* * *

Аябай толгонуң —
Аз кыймылда болгонуң.

Дартты жашырганың —
Дагы анын күчүн ашырганың.

* * *

Ойлонуп жасалса бардык иши,
Ошондон —
Ыракат алат киши.
Чынында эле кантип аш болсун,
Чайнап берсең, чыкканга тиши.

* * *

Эне — үйдүн куту,
Үмүттүн башаты.

* * *

Сөз — сөөлөттүү айтылса дарылайт,
Жүлүн менен жүрөктү аралайт.
Жүйөөсү жок кеп болсо,
Кайра адамды жаралайт.

* * *

Сөлтүк сөз — туткунга салат,
Сөөлөтүн тапса,
Кайра куткарып да алат.

* * *

Кумар — кунуңду качырат,
Курсагыңды ачырат.

Кампаңды ачтырат,
Кармаганыңды чачтырат.

* * *

Өмүр — жашоого бир гана келген конок,
«Тигил дүйнө» айтылган эле жомок.
Ооп кетпей жалган ишенимдерге,
Оптимизм менен жашасак болот.

* * *

Эмгек — жашоо менен тиричиликтин энеси,
Элге таттуу тартуулаган мөмөсү.
Табигатта жаман нерсе жалкоолук,
Тартып койгон жөргөмүштүн желеси.

* * *

Тоюп алган соң,
Тойду бузба,
Толкуп олтурган ойду бузба.

* * *

Марттыгыңа мактансаң мактан,
Май эле акты деп,
Айтып кетчүүдөн сактан.
Өзүңдүн эле айланаңдан чыгат,
Ал келбейт өзгө жактан.

* * *

Жомокчунун кызык сөзү,
Жол жүргөнү чыкканы оң.
Узак жолду кыскартып,
Уктабаган укканы оң.

* * *

Көз жетип турганда,
Сөз да өтөт.

* * *

Эшигин ачкысы келбегендин
Ачкычы жок.
Анысы жанында болсо деле,
Ачкысы жок.

* * *

Адам алдына койгон ишин
Аткара билгени —
Ал өз айткан
Сөзүндө жүргөнү.

* * *

Эмгек күттүргөндүкү эмес,
Эртелеп сапаттуу бүткөргөндүкү.

* * *

Баш байласаң жакшыга,
Бардыгына жетээрсиң.
Барк билбеске жолуксаң
Басынып жүрүп өтөөрсүң.

* * *

Жакшы чыкса балдарың,
Жашараар кайра алганың.
Жаадыратып бүт баарын,
Жалгап кетээр жан жагын.

* * *

Жатып ичип жатканың,
Жаздыкка башты катканың.
Саламаттыгыңды сатканың.
Жөө көп басып койгонуң —
Сактыкка убай көргөнүң.

* * *

Оозу менен орок оргондон,
Оңко-чоңко түшүп ичкилик соргондон
Жаа бою качкан,
Жакшы жакты карай баскан оң.

* * *

Өзүңдөн кийинкилерге
Басып өткөн жашыңды,
Бубак баскан чачыңды,
Сыйлап мамиле кылганың оң —
Сыйга барабар болот кичине менен чоң.

* * *

Атаар таң менен.
Батаар күндү ким кармайт.
Акыры түбү келсе кез,
Жатаар жерге ким барбайт.

* * *

Жаштык артка кайрылабы,
Жаматы келгенде,
Жалындан да айбыгабы?..

* * *

Арам тамак — адамды азгырат,
Алдайт, шаштырат, жазгырат.
Алкыңды ачырат,
Уйкуңду качырат.

* * *

Спорт менен достошконуң,
Илдеттер менен коштошконуң.

* * *

Булчуңга жыйган күчүң,
Баардыгы денең үчүн.

* * *

Дениң турса чың болуп,
Бассаң-турсаң тың болуп,
Каның жакшы жүгүрсө,
Качмак беле ден соолук.

* * *

Оозу менен ойду чаап,
Тоону томкоргондун —
Омурткасы оорубайт,
Колу жоорубайт.

* * *

Убакыт учкул тарткан ат,
Учуру менен тапталат.
Өткөрбөй аны эмгек кыл,
Өмүрүң андан сакталат.

* * *

Азамат — эр болсоң,
Алганыңа тете жар бол,
Айлыңда, элиңде,
Жамандык-жакшылыкта бар бол.

* * *

Көңүлүң көтөрүңкү жүрсө,
Өзүңдү соомун деп бил.
Дениң сак болсо,
Өзүңдү тоомун деп бил.

* * *

Итке өчөшүп
Таш ыргытпа,
Аш ыргыт.

* * *

Окуп билүү — ой-акылдын булагы,
Өнөрүңдү кайрай турган убагы.

* * *

Караңгылык — капас жакка жетелейт,
Кадик билим — алды жакка жетелейт.

* * *

Ойчулдарды — окуу өстүрүп жаратат,
Окумуштуу — андан жарык таратат.

* * *

Ата-энең үрөгөн асыл уста болсо,
Агай-эжейиң сүрөгөн акыл-нуска.

* * *

Ата-эне — солк этпес тирек,
Мугалим — соолбос мүрөк.

* * *

Уядагы сары оозду,
Мугалим таптап куш кылат.

* * *

Жалпы акылман тарбия —
Жакшы иштерге туш кылат.

* * *

Ата сөзү — жадыбал,
Аны дилге катып ал.

Мугалим айтса — ошол бал,
Кур калбастан татып кал.

* * *

Каралап багып өстүрсө,
Карагай болоор балатың.
Жакшылап берсең тарбия,
Жаш муунуң болоор канатың.
Кой дебей алга сүрөй чаап,
Кошо өстүр колдо талантың.

* * *

Балаң жакын болсо мээнетке,
Бат эле жанаштырат дөөлөткө.
Канат-бутагың боло калып,
Карыганда кошоор сөөлөткө.

* * *

Акылдуу ата балага —
Аркалап койгон чоң тирек.
Үлгү болуп ар дайым,
Өстүрбөйт жалкоо, ак билек.
Ушундан убай көрсөк деп,
Ата-эне каалайт ак тилек.

* * *

Эстүү бала эне-атаны сыйлайт,
Эселек болсо өмүр бою кыйнайт.
Денден чыккан перзентти алар,
Деги эле жамандыкка кыйбайт.

Ата болбойт алимент,
Андан албай канимет,
Аман болсо жетилээр,
Абайла, ата сабыр эт!

* * *

Өзгөнүн баарынан жакыныӊ,
Өз башыӊдан чыккан акылыӊ.
Көптү көргөн адамдын,
Кеӊешин тыӊда аста, акырын...

* * *

Башыӊа иш түшсө —
Басынып көнбө.
Баш көтөргөндүн баарына
Байкелеп ийий кирбе.
Таза эрдиктин белгиси —
Таман акы менен маӊдай терде.

* * *

Эркиӊ бек болсо,
Эр жигиттигинде шек болбойт.
Эселек менен жалкоого
Эгерим келип бак конбойт.

* * *

Бир дарыгер бал тилдүү
Миӊ адамга дабалуу.

Бир бузуку кан тилдүү
Миң дабанга залалдуу.

* * *

Сөөлөттүү айтылса сөз —
дарылайт,
Жүлүн менен жүрөктү аралайт.
Каршы айтылса кокустан,
Катуу да жаралайт.

* * *

Абийири бар азамат —
Акаарат ишке баспайт.

* * *

Миң жолдош күтсөң ылгабай,
Бир шуму койбос булгабай.

* * *

Өтө мактоо — өрөпкүтсө өпкөнү,
Өксүтүп коет эси жоктун көпкөнү.

* * *

Чыныгы сын — чабылган эле камчыдай,
Жаан тилегендеги жабыраган эле тамчыдай.

* * *

Өкүмдүк — иштин өтөөсүнө жетпейт,
Өтө салмактуулуктан өтүп кетпейт.

* * *

Бетке чапкан сөз —
Этке чапкандан өтөт.
Сөөктү аралай чаап,
Сүлдөрүңө чейин жетет.

* * *

Өөнчүл болсоң —
Өзүңдү эзет,
Кекчил болсоң —
Кендириңди кесет,
Жүдөйсүң —
Жамандык кылсаң бирөөгө,
Жүйөөлүү ишти —
Жүрөк сезет.

* * *

Азаматтын жакшысы —
Ачык жүрүп, ак сүйлөйт.
Арам ишке чалынбай,
Адал сөзүн алышып,
Элге жагып, иш тейлейт.

* * *

Жалгыздык жаныңа батса,
Жакшы эрмек тап.

* * *

Ич ооруган — ичин,
Тиш ооруган — тишин басат.

Биринен бири айырмасыз,
Келселдин бары эле азап.

* * *

Жаратылышта болгондун баары —
Жакшы колдонсо дартыңа дары.
Дабаа болот чалыккан жанга,
Дарактын шуулдашы,
Суунун шары.

* * *

Чай — үшүл кетсең
Боюңду балкытат.
Чарчап келсең —
Оюңду чалкытат.

* * *

Жакшыдан артта калба —
Алга чамда,
Жаманга эзили жакын барба.
Күздүгү жемишиңди жаз да камда.

* * *

Билейин десең көптү —
Билим ал, илим ал.
Бийигинне анын жеткендин
Тилин ал.
Айткан акылын
Кулакка илип ал.

* * *

Ишенимиң идиректүү болсо —
Иштегениң кудуреттүү,
Кармаганың кадилеттүү,
Айтканың адилеттүү.

* * *

Атсаң ок ташка —
Абайла,
Кайра учуп тийбесин башка.

* * *

Оору менен ойногон болбойт,
Оңой эле сакаям деп, ойлоого болбойт,
Дарыгер гана оңдойт.

* * *

Ишиң колуңда,
Ашың алдында турганда —
Кормун дебе.
Колуңдан келип турса —
Зормун дебе,
Бирөөнүн акысын жебе.

* * *

Акыры жаман адат —
Адамды азгырып утпай койбойт.
Азапка түшүрүп,

Уу чылап ичирип,
Айлантып келип,
Жутпай койбойт.

* * *

Жетип өкүнгөнчө —
Жетпей зарлаган оң.
Жетип алган соң —
Бек кармаган оң.

* * *

Өйдөлөсөң —
Төмөнгө көз сал,
Өбөктөсөң —
Төбөңө көз сал.
Учуру келсе өткөрбөй,
Угаар кулакка сөз сал.

* * *

Бал —
Бирде таттуу,
Бирде уу.
Ниети — катуу,
Жалган таттуу,
Дили куу.
Баарын жууган аккан суу!

* * *

Тили таттуунун —
Дилин байка.
Кабагы карыштын —
Зилин байка!

# МАЗМУНУ


Жайлоо кечи . . . . . . . . . . . 3
Киндик кан тамган ыйык жер . . . . . 4
Торгой . . . . . . . . . . . . . 4
Улуулар жана урпактар . . . . . . 5
Эне . . . . . . . . . . . . . . 5
Көйрөң күү . . . . . . . . . . . 6
Үч тамгадан куралган . . . . . . . 7
Медицина жана мен . . . . . . . 7
Алып кал . . . . . . . . . . . . 8
Бузулбаган чеп эксн . . . . . . . 9
Өмүр кыска . . . . . . . . . . . 9
Кетире албай . . . . . . . . . . 10
Аңги суу . . . . . . . . . . . . 10
Булактын суусу туптунук . . . . . 10
Эл милдети . . . . . . . . . . . 11
Ыр кайда? . . . . . . . . . . . 11
Согуш деген соолсун! . . . . . . . 12
Эскердим . . . . . . . . . . . . 13
Жыргал да . . . . . . . . . . . 14
Алгачкы адым . . . . . . . . . . 15
Күндүн гүлү . . . . . . . . . . 16
Сары-Челек . . . . . . . . . . . 17
Сары-Булак сени самадым . . . . . 17
Жоокерди эскерүү . . . . . . . . 18
Ыйык сүт . . . . . . . . . . . . 19
Жеңелер . . . . . . . . . . . . 19
Сулуулук . . . . . . . . . . . . 20
Аталарды эскерип . . . . . . . . 21
Өмүр карыя . . . . . . . . . . . 21
Назыр Хубиевге . . . . . . . . . 23
Балалык . . . . . . . . . . . . 24
Элечек менен киймечек . . . . . . 24
Балдызым ай, балдызым . . . . . . 25

Менден күдөр үзбөчү . . . . . . . 25
Ичимде кир жок кенедей . . . . . . 26
Обон .сал . . . . . . . . . . 27
Түшүн селки . . . . . . . . . 27
Картайбаса ээ . . . . . . . . . 27
Ак жылдыз . . . . . . . . . . 28
Ата элеси . . . . . . . . . . 29
Сары-Жаз . . . . . . . . . . 29
Жайлоо жак түшөт эсиме . . . . . . 30
Куса болуу . . . . . . . . . . 31
Аппак жүзүң анар болуп албырат . . 31
Ынагыма . . . . . . . . . . . 32
Сап артынан саптар . . . . . . . 32
Дейт экен . . . . . . . . . . 35
Бөбөк көрдүм . . . . . . . . . 36
Акыйкаттык женди дейм . . . . . . 37
Ильич жана жергем . . . . . . . 37
Сакчы кеме . . . . . . . . . . 38
Бара жатат жаңырып . . . . . . . 39
Алекмин . . . . . . . . . . . 40
Мекенсиз бакыт конобу . . . . . . 40
Жаратылыш элеси . . . . . . . . 40
Дон жана доор . . . . . . . . . 41
Соң-Көлдүн сонундары . . . . . . 43
Сулуя апа . . . . . . . . . . 45
Жеңиш дайым өлкөмдө . . . . . . 49
Ак калпак элдин борбору . . . . . 51
Балгарт баатыр баяны . . . . . . 53
Төлөк сынчы . . . . . . . . . . 73
Бармактай . . . . . . . . . . 81
Сулайман жана Сулуумиф . . . . . . 86
Учкул ойлор . . . . . . . . . 95

ЛИТЕРАТУРНО-ХУДОЖЕСТВЕННОЕ ИЗДАНИЕ

*Алиев Мар*

***БЫЛЬ О БОГАТЫРЕ БАЛГАРТЕ***

**Стихи, легенды, поэма**

*Для старшего возраста*

**Фрунзе, издательство «Адабият»**

*На киргизском языке*

КӨРКӨМ-АДАБИЙ КИТЕП

*Алиев Мар*

***БАЛГАРТ БААТЫР БАЯНЫ***

**Ырлар, болмуштар, поэма**

*Өспүрүмдөр үчүн*

Редактору *К. Жаманкулов*
Сүрөтчүсү *Р. Исаков*
Техн. редактору *Б. Колобаева*
Корректору *Ү. Өмүрбеков*

ИБ № 571

Терүүгө 07. 07. 90. берилди. Басууга 20. 02. 91. кол коюлду. Кагаздын форматы 70×90$^1/_{32}$. «Мектеп» арибн. 4,0 физ. басма табак, 4,68 шарттуу басма табак, 5,1 учеттук басма табак, 4,97 шарттуу боек түшүрүү. Нускасы 4000. Заказ № 161. Баасы 65 т.

«Адабият» басмасы
720361, ГСП, Фрунзе ш., Совет көчөсү, 170.

Кыргыз ССР басма, полиграфия жана китеп соода иштери боюнча мамлекеттик комитети. Кыргыз ССРинин 50 жылдыгы атындагы Кыргызполиграфкомбинаты.
720461, ГСП, Фрунзе, 5, Жигули көчөсү, 102.